он Мамытов

# ЖАРЫШКАН СУУЛАР



Жолон Мамытов

# ЖАРЫШКАН СУУЛАР

Ырлар
Романстар
Сонеттер
Поэма-мистерия
Публицистикалар



ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА ИНВ N 439797

КРАЕВЕДЧЕСКИЙ ОТДЕЛ

ФРУНЗЕ
«КЫРГЫЗСТАН»
1985

84 Ки7
М 22

**Мамытов Жолон.**

М 22 Жарышкан суулар: Ырлар, романстар, сонеттер, поэма-мистерия, публицистикалар./ [Көркөмдөгөн Ч. Абдраимов]. — Ф.: Кыргызстан, 1985.—144 бет.

Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты, акын Ж. Мамытовдун бул жаңы жыйнагына инсан турмушунун көп кырдуу жагын иликтеген ырлары, романстары, сонеттери, Ата Мекен, тынчтык, достук темасын чагылдырган публицистикалык маанайда жазылган чыгармалары, ошондой эле тунук сезимди даңазалаган поэма-мистериясы кирди.

М $\frac{4702280200-30}{М\ 451\ (17)-85}$ 187—85 ББК 84 Ки7

Рецензиялаган Омор Султанов
Көркөмдөгөн Чоробек Абдраимов

© «Кыргызстан» басмасы. 1985

# ырлар

## ТИЛЕК

Улуу Мекен тууралуу
бир улуу ыр чыгарам,
Тамгалары ал ырдын
Күн нурунан токулган,
Сан кылымдык сапарга
обону анын чыдаган,
Которулбай сөздөрү
бардык тилде окулган.

## БИРДЕН САНГА

Бир ырды баштаганмын, таштабаймын!

Ошол ыр сенсиң Мекен — асыл аймак,
Жол басам ырымды ырдап жылдап-айлап.

Ал жолдо көрөм көптү, эң бир көптү,
Сүйүүгө алоолонтуп көкүрөктү —
Бой созгон көктү карай ырдайм чөптү.

Миң жылдык арчалардын искейм жытын,
Бейиштей жайлоолордун сезем кутун,
Ай туяк жүрөгүмдүн ритми бүтүн,
Кыялым кемегеден кеткен түтүн.

Бул таштар заңгырашып ээн турган,
Соборбу, мечиттерби, храмдарбы,
Ибадатканаларбы шамал курган,
Чагылтып качан мынча ырандарды
Түбүнө сан кылымдар дайра бурган.

Э-хе-хей, капчыгайды өрдө мобул.
Башыңдан бөркүң учкан бийик тоо бул,
Түнөткөн өркөчүнө бороон-добул.
Э-хе хей, дара жолдон өткүн мобул,
Терең коо, эки жагы күзгү зоо бул,
Өзөнү өмгөктөткөн тилсиз жоо бул.

Аргымак атырылат алдымдагы,
Кайдасың көңүлүмдүн жалжылдагы?
Жолоочу, досумсуңбу кан жолдогу?
Карагай, чоромсуңбу жон-жондогу?
Китепке үңүлгөн жан, ойчумсуңбу?
Кер мурут сылаган жан, койчумсуңбу?
Же экөөң тагдырга шерт койчуумсуңбу?

Ыр окуп мерекеде шилтеп колду
Сыр токуп андан ары улайм жолду.
Жылдызды бута кылып түндө жүрөм,
Ушунча көкүрөккө эңсөө толду.
Алтын баш алыс чакта көргөн корду,
Айыгып тырык болгон жараат орду.
Тоолорду караан тутуп күндүз жүрөм,
Сыйгыстай көкүрөккө максат толду.

Шыңгырайт жылдыз ыры жүрөгүмдө,
Алыскы мейкиндерге карек кадап
Тигине, шаңшыйт бүркүт түнөгүндө.
Сүрүлдү чокмороктоп булут көктө,
Бул чеңге өткүн бир маал куймайы адат,

А шамал ант кылгансыйт куйукпөскө.
Жаркырайт анан тезде бүт теребел,
Шаңкаят Күн тагынган керемет көк,
Ушундай ачыктыкты күттү эле Жер.

Ырымда сокмо жолдон чыккан элем,
Эгизге айланды да үч эм болду.
Жаралып даңгыраган төрттүк кенен,
Эстетти дагыңкысы салаа колду.
Андан соң алтылыктар аркырады,
Дүпүрөп жетиликтер жерге батпай,
Сегиздик сел өңдөнүп шаркырады,
Тогуздук үчтөн жүрсө тизгин какпай.
Зор Мекен, бирден санга өскөн колуң.
Жарышкан суулар окшойт өмүр жолуң!

## ШААРГА ЖАН ТАРТУУ ЫРЫ

Шаар деген шашма, үнөмчүл...
Ырасны ыя?
Акыл-эсин сыгып күндө кылат сыя.
Ага даркер бир тынымда жүз миң өнөр,
Анал дагы сан идея,
грация!

Көйрөң бир аз
өзүн түрдөп кайталаган,
Ойчулу көп эртеңки ишин айтаар аган.
Беш жыл мурда таштап салган топчуларын
Тагат кайра таап келип
Ай-талаадан.

Көчөсүнөн мөңкүп өткөн санаасыз авто
Окшой түшөт жарыштагы сансыз атка.

Оо, алардын түтүндөрү түйдөк булут,
Мүмкүн эмес күлүк ысмын ансыз актоо.

Шаар ишкер,
эң табышкер,
чоюн билек,
Колхоздогу дыйкан калктын оюн билет.
Өтүк, мыктан
тракторго чейинкини
Жасамакка
күндөп-түндөп
чоюнду нет.
Шаар дегениң дүйүм баштуу, сансыз колдуу,
Түмөн түйшүк,
арбын алек,
сансыз жолдуу.
Качан
кайсыл
өнөгүбүз ансыз өндү,
Качан
кайсыл
кеңешибиз ансыз болду?!

Азайтса да калаа-кыштак айырманы,
Айылдын шаар куда башы, кайындары.
Илип чыгат
бир далдайган элеттикти
Шаардык кээ бир жаш сулуунун кайырмагы.

Бир мүнөттө
текши жанган
миллион фонарь
Жаркыра шаар!
Чачкан отуң алыс тараар.
Жылдыз менен нур алышкан ошол кезиң
Бир өмүргө билик болуп эсте калаар...

## КЫРГЫЗ РУХУ

Карбаластап, качып-бозуп кыраңда
Турган кезде тоолук журтум бир алда,
Октябрдын Төңкөрүшү жарк этип
Жасап салды келбегенди кыялга.

Өңбү, түшпү, өмүрдөгү сынакпы?
Мынча кубанч кайда, кантип сыят бу?
Азыр эле жалаң болчу,
далдайды
Азаттыкты утуп алган сыяктуу.

Бирок, ушул коогасы көп кылымда
Эркиндикти коргоп калуу кыйынга
Турду чиркин.
Калды сан эр өлүгү
Ал күндөрдүн ою менен кырында.

Миң жылдардын тарыхына жуурулуп
Өнүп чыккан элдин руху улуу рух.
Азыр кыргыз алга кеткен мезгили
Аргымактай сан күлүктөн суурулуп.

О, кутман журт, бул тагдырың болсун кут,
Комузуң черт, обонуңду кубулжут.
Мүмкүн эмес эртеңдерге жол салуу,
Өткөнүңдү,
бүгүнүңдү унутуп.

Сан кылымдын шамалына туурулуп
Сенин рухуң кыйыр бойлоп келген рух.
Дүнүйөлүк мелдештерге түшүүнү
Күтүп ичтен,
тыбырчылап,
буулугуп.

Жүрөгүңө сактап жашап жарык рух,
Миң жылдарды жирен өттүң асыл журт.
Улан-кызың жакшылыкка бет буруп
Кызматыңды кылат сенин тик туруп!

## АКЫЛ САЛУУ

Жүрөктө күйгөн отуңдун
Жарыгы жанса көзүңдөн,
Калем ал, ырга отургун,
Жаңырат маани сөзүңдөн.

Жүрөгүң муздап, бүт денең
Турганда ташка айланып,
Күч менен эч жан күтпөгөн
Анда да иш кыл шайланып.

Өзүңдү кыйна, кошко чек,
Бир мүнөт тыным алдырба.
Антпесең күнүң бош кетет
Убакыт-көктүн алдында.

Эркиңди бийле күн-түнү,
Көнсө ишке адам денеси,—
Максаттын болбойт мүмкүнү
Жана да мүмкүн эмеси.

## ЖАҢЫ КҮН ✓

Жылмаюу жыйып ууртуна
Магдырайт дүйнө уйкуда.
Жол берип түнкү салкынга
Күн Жердин жанат артында.
Түпкүрдөн жылдыз бажырап

Алгансыйт тынчты азыраак.
Ободон жылат Ай кайып
Ороктой учу кайкайып.
Бир-бирин зоокко чакырып
Чырылдайт түмөн макулук.
Ал үнду азга кууса ары
Алдастап аккан суу шары;
Жел өтсө шуу деп кымындай
Шар алыс калат угулбай.
Агыш нур секин уялап
Байкалбай чыгыш кызарат.
Жаңы күн келет кадамдап,
Ойгоно башта, адамзат!..

## МАЙ

Кырмызы түс жамынып жаркырайт май,
Дайра-көчө шаркырайт ташып-толуп.
Май түнүндө махабат каркырадай
Желаргылуу айдыңга өтөт конуп.

Ошол шаңдан жаш көңүл элеп-желеп,
Жаш сүйүүдөн жаш сезим келептелет.
Балбылдаган көп шамдан учкан жарык
Жалжылдаган сан көзгө керек, демек!

Берекелүү күндөргө өмүр тилеп
Түнөк табат бир ойдон бардык тилек:
«Жаша, Тынчтык! Жаша, Май — жарык маанай,
Жаша, Тынчтык!» — деп соккон ар бир жүрөк!

Мотураят бөбөктөй оозун жыйбай
Күлкүгө бай, гүлгө бай жарашык Май.
Планеттер ичинде учат аман
Кырмызы түс Жер шары парашюттай.

## ТЫТ ДАРАГЫ

Тыт дарагы,
          бул кыртыштан бир өзүң
Соруп алып кылым жыйган ширесин—
Жалбырагың була куртту тойгузуп
Жибек болуп шуудурарың билесиң.

Жазда бышкан сенин таттуу мөмөңдөн
Жеген адам ырахатка бөлөнгөн.
Сен тагдырдан өжөр бүткөн дараксың
Бутап-кыркып
          жатса болбой көгөргөн.

Сакчысындай пахтазарлуу талаанын
Шат турмушка шайы болуп тарадың.
Бешик да сен,
          отун да сен.
                    Жанжыргал
Дыйкан элге көлөкөсү саяның.

Сенден улам мага мындай ой келген:
Суктанбайын көрүп түздөн, жон-белден
Пайдасы жок өз боюнан башкага
Асман челген дарактарга бой керген.

## БАБА-ШААРЫМ

Өмүрдүн ырга сарптап жыйырма жылын,
Болжобой, бойлой басып кырктын кырын
Көрбөгөн өзгөрүүнү жыйырма кылым
Көрүп мен,
          «Мезгил укмуш!» деп шыпшынып
Бул жайда кирсем Оштун базарына
Отуз жыл мурда көргөн шишкебепчи

Шишкебебин дале желпийт
шуу... шуу... шуу...
Ошондо мантуу саткан арык адам,
Дале арык, аз өзгөргөн, карыбаган.
Дагы эле буурчак саткан сатат буурчак,
Адамдар тамактанат аны курчап.
Сатарман өзгөрбөптүр,
аларман алмашыптыр,
Жашылча-жемиш деген көбөйүптүр,
Анан да түрү артыптыр, даамы ашыптыр.
Иштерман үлгүрбөйбү,
же жээрман эң көп жейби
Антсе да илгерки көрк сакталыптыр.
Картайбас ушул шаарды,
көөнөрбөс бул базарды
Көпкө тиктеп турдум эле
Сарсанаа, илдет, капа кыялымдан
Тыйындай шыңгыр этип
Бут алдымда калып калды.
Аралап баратканда баба-шаарды...

## БАРПЫ АКЫН ЖАЛАЛ-АБАД ВОКЗАЛЫНДА

Түмөнбай БАЙЗАКОВГО

Ажыдаар оозун ачкан
апааттуу батыш жакка
Эл толо эшалондор
агылды оп тартыла.
Азезил астанада,
айла жок атышпаска,
Жериңе бомба түшүп,
жааганда ок калкыңа.

Жазмыштан коркпо, жигит,
өзүңдү коён санап,
Бүлгүндө бир жак каптал —
Россия, Украина.
Бул күндө керексиң сен,
чакырат военкомат,
«Кош» деш да кошул журтка,
жөнөгөн бүт жабыла.
Өзүңдү карман азга,
боюңду түзөн азга,
Кулак сал сен тетиги
көзү азиз акын чалга:

«Жеңилбейт кеңеш элим,
Бүгүлбөйт тизе каска,
Партия — тууң барда,
Сталин — атаң барда!

Мистелүү адырлардын
Айтылуу көкжалдары,
Бергиле каныңарды
Мөөрөйдү бербегиле.
Жаңгактуу токойлордун
Арыстан, шер балдары,
Душманды кыйраткыла,
Өзүңөр өлбөгүлө!

Бабаштай бийик дагы,
Көк-Арттай көк болгула,
Нарындай чамынгыла,
Сырдай мелт агылгыла.
Аскердик антыңарга
Ар качан бек болгула,
Фашистти айлантkыла
Кум-күлгө, чамындыга!

Өпкүлө жарыңарды,
Калк менен коштошкула.
Бөлгүлө бооруңарды —
Айла жок, айрылгыла.
Тагдырга алдыдагы
Тайманбай төш тоскула,
Суранам, бирок, баарың
Түгөл, бүт кайрылгыла!»
Ырдоодо өз үнүндө
карт акын
мунун баарын,
Ыраазы болгула, журт,
кызыл тил Барпыңарга:
«Суранам,
Жеңиш менен
Кайткыла кулундарым,
Кайткыла түгөл баарың
Кан жолдон артыңарга!»
Түмөкө, кетсеңиз да
майданга
озуп алды,
Баарынан кыйын болду
таймаштан кайткандагың.
Барпы акын боздоп ырдап
вокзалдан тосуп алды:
«Чыктыбы эсиңерден
Жөнөөрдө айткандарым?
Дүнүң көп болгон менен
Үнүң аз,
кулундарым!
Келатат бекенсиңер...
Жеңиштин аркасында?..»
Күтпөсүн өмүр бою,
Түмөкө, согуш жаалын
Айлына алып кет да,
түшүндүр карт акынга...

## ПАЛЕСТИНА АРАБЫ

Оо, бир боорум,
Палестина арабы!
Сен кордолдуң бүт дүйнөнүн көзүнчө!
Сен коргондуң бүт дүйнөнүн көзүнчө!
Али тар бейм жакшылыкка барчу жол,
Али кең бейм мыкаачылык арааны!
Оо, бир боорум, Палестина арабы!

Бир ууч элди
Бир ууч элге жалматып,
Кандуу оюн баштап кирди АКШ.
Жок силерде Тель-Авивдин акысы,
Ошолордо бар силердин акыңар!
Келе жаткан кылымдардан каралуу
Оо, бир боорум, Палестина арабы!

Азаттыгын
«Муунтам» деп байыртан
Азезилдер канча канды төктү эми,
Буга күбө Ай менен Күн көктөгү,—
Чыгып кетсе пендесинин эсинен.
Өчпөйт кегиң жүрөгүңдөн жаралуу.
Оо, бир боорум.
Палестина арабы!

Совет калкым
Билет баасын чындыктын,
Анын бүгүн ачык-айкын талабы: —
Чык Ливандан, Израилдик башкесер!
Кылмышыңды бүтүн дүйнө санады.
Жаалы кайнап жүрөктөрү канады!
Ансар, Сатра, Шатиланы унутпа!
Оо, бир боорум,
Палестина арабы!

## ТЕКЕ МАҢДАЙ БИР СОБОЛ

Токтообуз деп мактанышат көптөрү,
Кайдыгерлик мокок кылат өзүңдү.
Ысык сүйүү же укмуштай жек көрүү
Устарадай жаркыратат сезимди.

Жыргалдан да, кууралдан да качышпайт
Турмуш жөнүн терең талдай билгендер.
Жаңылыкты король, шахтар ачышпайт,
Ачат аны жерге жакын жүргөндөр.

А сен канттиң?
                    Бир кызматын калкыңдын
Өтөдүңбү?
          Рухуң сынай алдыңбы?
Мезгилиңе эмне мурас калтырдың?
Же мураска суук колуң салдыңбы?..

## ДАРЫГЕР

Жоокер сымал чек араны коруган,
Сактайт доктор бизди сансыз оорудан.
Ар бир жолу алкышыңды жаадырып
Көпкө кармап тургуң келет колунан.

Айыктырат ак халаттын актыгы,
Дарыгердин милдетине тактыгы.
Кантип анан сен ыраазы болбойсуң
Кайрып берсе ден соолуктай бактыңы.

Себеп болуп дарысынын түркүмү,
Сеп алдырат мээриминин сүйкүмү.
Врачтарды кантип ырга кошпойсуң
Кайрып берсе шарактаган күлкүңү.

## ЖАЗДА

Келгин куш, жүргөн алыста,
Кайрылды тууган Мекенге.
Оо, бул жер сүйкүм, тааныш да,
Алмашкыс, кымбат экен го.

Теребел толуп ыр-күүгө,
Жылытып көктө барат Күн.
Бөрсөйүп чыкты бир күндө
Бүчүрү жемиш дарактын.

Өзгөчө атып таң дагы,
Бөбөктөр сыртта, сүйүнүп,
Кыялда эргүү, шаңдануу,
Кыз, улан түрлөп кийинип.

Өтөөгө жазгы кызматты
Соколуу чыкты трактор.
Суктанып тиктейт түз жакты
Кар-мөңгү баскан ыраак төр.

Чабандын иши чак болуп,
Бул күндө кыштоо жактарда
Жеңелер жүрөт ак жоолук,
Жаңы төл карап сакмалда.

Кызытат ишин чарбанын
Айдыңдуу апрель айлары.
Кабарлап жакын калганын
Гүлгө бай майдын майрамы.

Жылмайган жүзүн Лениндин
Эстетет жаздын илеби.
Тынчтык деп согот элимдин
Эмгекчил, жоомарт жүрөгү.

Биз кез келген август айдын башында
Айкалышты затың менен ысымың.

Бой таштадык толкунунда кириндик.
Кумуң бастык, эркеледик, сүйүндүк.
Күтөөр болсо Адам менен Табият
Атаганат, дал ушундай биримдик.

Көңүлү түшүп өзүң сындуу көк көлгө
Көптөр ойдун иримине чөккөн го.
Сендеги күн окшоп кетет ар убак
Сүйгөн жарды алгачкы ирет өпкөнгө.

Келген сайын шаттык сунган сезимге
Айтып бүткүс кудурет бар өзүңдө.
Андай кубанч болсо акында болгондур
Тун китебин колуна алган кезинде.

Мээримиңди баш-аяксыз кыялдын
Кыйырына окшоштуруп туя алдым.
Тирүү пенде сүрө берээр ташпүштү,
Дарт, кайгыны — баарын эстен чыгардым.

Чагылдырган тулкун көктө булуттун
Айнек-көлүм, сен мынчалык тунуксуң?
Келген күндөн шанга толуп көңүлүм
Бул жашоодо өлүм барын унуттум.

Магдырадык мээрим төшөп тереңин,
Бойлой албай бул бакыттын ченемин.
Балким, ушундай алдейленген чыгаарбыз
Бөбөк кезде коюнунда Эненин.

Адам жашайт күндүн тынчын, катаалын,
Сени тиктеп миң кыялга батамын;
Балким, ушундай эркеген чыгарбыз
Бала чакта кучагында Атанын.

Сенден тапкан мынча сезим, бул таалай
Сапар жолдо кубат берет бир далай.
Адат болот аяз менен бороондо
Августтагы мээримиңди ырдамай...

## АКЫН МЕНЕН УБАКЫТ

### I

Жүрөгүм буюрса,
кайтпастан
Күнгө да бой таштаар элем мен.
Кумарсың неликтен байкатпай
Жоюуга ал күчтү денемден?

Кылдаттап кол салып сезимге
Оюңду куюуга башыма,
Айтканың аткартып кезинде
Жетсем деп жеңишке шашыла.

«Алсам,—деп эңсейсиң — кул кылып»,
Кыйын дебей орундаар буйрукту,
Ойлобой —
ойлорум кыйырды
Түргөнүн
Жылдыздай куйруктуу.

Чыккынчы өзүнө ал акын —
Ийнсе даңкына жылдардын;
Көңүлүн улайм деп жалгандын,
Көңүлүн сындырса ырлардын...

Оо, анда
ал өзүн жазалайт,
Өзүнөн турмушту тазалайт.

Жашоону жалгандан арылтат,
Жарыкта
бир тыным
жашабайт!

## II

Эй, пендем,—
сен менде жаралып
Ар качан айтышаар чендесиң.
Эл сымак тим жашап,
шүк жүрбөс
Тынчы жок не жансың?
Эмнесиң?

Эзелден сенсиң өч душманым,
Өртүңдү тулкума туштадың.
Тийиштиң алыңды ченебей,
Тумандуу кебиңе ыштадың.

Денеңди сен менде баксаң да,
Оюңду сен менде бакпадың.
Келелек мезгилге жаксаң да
Мага сен жукпадың,
жакпадың.

Андыктан экөөбүз учкайбыз
Айтышка,
жөөлөшкө,
кармашка.
Сен мени,
мен сени—укпайбыз,
Өтөбүз түбөлүк талбаста.
Араңдан чабалың теремин —

Байлык,
  данк,
    оюнга кумарын.
Күчтүүңдү кийинге беремин,
Силерди мен иргеп турамын!

• • •

Ата-Журт, миң жылдан соң көрсөм сени.
Аралап жайлоо, токой, бактарыңды.
Даңкыңды уулдарыңдын улуу деми
Арттырып, өмүр сүрүп жатканыңды.

## ӨЛҮМГӨ КОЛ ЧАБУУ

АКШнын жалданган адамы, никарагуа элинин канкуу желдети Сомоса революциянын адилеттүү өкүмүнөн алгач Америка Кошмо Штаттарында жашырынып, анан Парагвайда жүргөн жеринен бул өлкөнүн борборунун так ортосунда өлтүрүлдү. Мурда белгилүү болгондой 100 миң никарагуалыктарды массалык түрдө кыргының жана никарагуа элине каршы жасаган кылмыштары үчүн Сомоса сырттан өлүм жазасына өкүм кылынган болучу.

(газетадан).

Кылмыштары санат жеткис санаса,
Жер кучактап калды бүгүн Сомоса.
Элдин кеги жанмак эмес баары бир
Тирүү коюп, миллион жылга камаса.

Бир канкордун заманасы тарыды,
Жердин шары бир желдеттен арылды.

Мына бүгүн аткарылды өкүмүң,
Никарагуа,
төккөн элең каарыңды.

Көөдөй түндү сүрөт артка таң гана,
Аккан кандын өчү болот кан гана.
Никарагуа, сен жашайсың түбөлүк
Эркин турмуш кучагында шаңдана!

Сен тандадың жолдун түзүн, ортосун,
Жеңип өтүп өч душмандын жолтоосун.
Сансыз жылдар сени соргон жыландын
Жара сайдың бүгүн минтип толтосун.

Кылмыштарды жасап ыйык Мекенге,
Байлыгыңды ташып барып чет элге
Кайра кайсайм деп жүргөндө бүк түштү,
Өч алыңды,
кетпеди кек бекерге.

Элдин каары душманына жол табат.
Тарыхтагы улуу сабак—бул сабак.
Бул өкүмгө Никарагуа кубанат,
Бул өлүмгө Никарагуа кол чабат.

Кылмыштарын санат жеткис санаса,
Жер кучактап калды бүгүн Сомоса.
Элдин кеги жанмак эмес баары бир
Тирүү коюп,
миллион жылга камаса!

## ТАЛАНТ

Кечиндеби, жаткандабы сүрүп таң,
Чыккандабы же күн жарк деп булуттан,

Бул жарыкка туулат ар бир наристе
Укум болуп үзүлбөгөн уруктан.

Жаңы көзгө өзүн абзел чыңалтыш.
Парз эткен соң адам көчүн улантыш.
Кайралуусу, чыйралуусу каниет
Коркунучка боло берип улам туш...

...Илдет торун жайган менен акынга,
Чалып жыкмай болгон менен жакында:
Талант жанын жай алдырбай тынымга
Жүрөк өртүн жууруй берди акылга.

Жаш денеге буккан оору чынында
Алы-күчүн учуратып чыгымга
Акын жанын алып тынды акыры
Кырчылдаган отуз бештин кырында.

Дартты-шорду тарткан менен турмушта
Көзү өткөн соң даңкы кетти жылдызга.
Чырак болуп жанып калды ырлары
Асыл журту Ала-Тоолук кыргызга.

Күчөй берди сөз рухуна сыйынуу,
Кеңий берди Алыкулдун кыйыры.
Оо, акындын опурталдуу тагдыры,
Сен билемсиң сан тагдырдын кыйыны?

Айып бизде.
Жүрүптүрбүз түшүнбөй.
Күч жок тура поэзия күчүндөй,
Акын үчүн бул дүйнөдө өлүм жок
Жазган ыры элде калган бүтүндөй.

Эртели-кеч келбей койбойт акыр күн;
Мен тагдырдын кыйынына макулмун,

Той тойлогон халтурадан миң ойдо
Жанып турган жалгыз ыры акындын.

Ал акындын элпек, ойчул каламын,
Анан дагы эргүүгө жык ааламын
Сыйлаган эл айта бермек чындыкты
Карт акылы, дили менен баланын.

Мезгил бизди, жүрөт дебе кур бекер,
Сал аянбай калбырына иргетээр,
Сапарыңа таланттарды тандап ал
Кылымдарга өзүң менен бир кетээр.

Кууланышсын, тапсын мейли амалын,
Көрксүз дешсин сонун гүлдүн жамалын:
Бул дүйнөдө жок токтотоор, тосоор күч
Таланттардын сейрек жүрчү шамалын.

Өмүрүнүн жакшы менен жаманын
Жашап өтүп,
түгөтсө да заманын
Жер астынан күйгүзгөнү күйгүзгөн
Үстүндөгү тирүүлөрдүн таманын.

## МУГАЛИМ

Классында олтуруп
Кылымына ой берген
Асыл үрөн ал чачкан
Адамдыкка бой берген.

Алтыдагы бөбөккө
«Алиппени» тааныткан.
Адамзатты илимге
Алып кирген даанышман.

Жетилсин деп жеткинчек
Акыл-күчүн төшөгөн.
Баштап өткөн бүт элди
Билим деген көчөдөн.

Таалим алып жер жүзү
Мугалимдин колунан,
Келечекке адымдап
Келет тайбай жолунан.

Эрксиз элге тараткан
Эркиндик нур, отунан
Улуу Ленин өзү да
Мугалимден окуган.

## ЖАЙКЫ ЖАМГЫР

Калаа кызып турган эле,
Асфальттардан чыгып алоо.
Тоо тараптан жамгыр келип
Өткүн өтүп кетти дароо.

Сансыз тамчы гүлзарларды
Аз мезгилге саймалады.
Асфальт жолдон чыккан буулар
Булут болду кайра дагы.

Кайра дагы жамгыр төктү
Көз ирмемге карап турсак.
Көчөлөрдө бир тазалык,
Бир жеңилдик жүрдү чуркап.

## ПАРЫЗ

Ак пахтаны мол бергенге баатырсып
Тураар эле.
Эми көрсөң жатыр шук
Мобу талаа.
Ичте терең сыймыгы
Болгонуна Айтиевге натурщик.

Тиги тоолор бир-бирине артылып,
Чокулары мөңгү оронуп, кар кийип
Дегенсишет:
«Бизди тартып музейге
Билгиң келсе илип койгон Айтиев.»

Көлдү бойлоп көп жээгине токтодум,
Толкун шарын кыялыма топтодум.
Түн күзөтүп таңды тостум мен андан,
Көрдүм кечтин кызыл жошо чокторун.

Кайтса толкун мобу жээкти калтырып,
Мобу ченде ташты турат шарп уруп.
Көлдөн алып көчүп жүргөн жаңы көл
Жаратыптыр сыйкырынан Айтиев.

Турат мында замандаштын баары тең.
Кээ бирлери кийинки го, жаңы экен.
Тиктейт бизди Рейна, Калый, Адышев,
Эл акындар Эралиев, Аалыкең...

Жаңы заман мээри жатат ар иште.
Жетимиш жыл мурда ушул ариcте
Төрөлгөндө,
ким ойлоду,
эмгеги
Бааланат деп Варшавада, Парижде.

Элдин рухун, жердин көркүн жүрөктөн
Өткөрбөсө
зор сүйүүнү түнөткөн
Жан болбосо,
көрөрманга сан боёк
Сүйлөп турбайт болчу минтип сүрөттөн.

Чыгармачыл жолго түшкөн ар адам
Таалим алсын Айтиевдей агадан:
Элге кылган көлдөй-тоодой кызматын
Пендечилик парызым деп санаган.

## КУМАР ЫРЫ

Ар кечте селки себин аңтаргандай
Ар түнү мээ-сандыкты аңтарам да,
Сөздөрдүн таап кымкап, шайыларын
Замандын жүгүн таңып,
тартам алга.

Мен сени издегендей көп жыл мурда
Күн өтөйм ыр саптарын издеп мында.
Өзгөргүч биздин кызмат орундардай
Алмашып өтүп жатат жылдар жылга.

Тартуула мага болгон кумарыңды,
Жактырсаң,
махабатың аяба да!
Ал сүйүү араласын Асман-Жерди
Алкынтып минип алып поэмага.

Ал кумар Аккуладай зыркырасын
Аркырап камчы тийбей соорусуна.
Жылдарды шаты кылып түшүп кайтсын
Байыркы бабалардын конушуна.

Ал ышкы адамдарды элжиретип
Коюлсун экрандарда кино болуп.
Чубалтып түтүн жибин ракетадай
Космосту тепчип чыксын ийне болуп.

Кач, уйку!
Көздөрүмө чапташпагын,
Маанисин түшүнбөйсүң бул кумардын.
Кеткин да,
өмүрүмдөн санап туруп
Өзүңдүн өнөгүңдү кыркып алгын!

Оо, жүрөк, бир жүрүшкө чыдап бергин,
Чаалыгып чаңдуу жолдо канабагын.
Ойлордон додолонгон бийик зоодо
Турамын эрөөлүндөй замананын...

## МЫСКАЛ

Тээ... алыскы улан кезге жол салат
Шаңкылдаган Мыскал эже ырлары.
Жүрөктөгү аруу кезге кол салат,
Үмүттөргө кемчил-кетик жылдагы.

Комуз коштоп коңур, сүйкүм ошол үн
Угулганда тээ башынан көчөнүн,
Кайра артына түрүлгөнсүп сан өмүр
Бир сезимге жетеленип кетемин.

Турмуш ташын далай жолу иргетет.
Талант калкка бир келет да, бир кетет.
Сыйкор, момун калайыкта не күнөө
Мансапкордун пастыгынан кирдесек?!

...Мыскал эже жер кыдырды, эл көрдү,
Эске тутуп калды сан миң өңдөрдү.

Ошондогу не бир ысык тосуулар
Кыз ырчыга арзуу берди, дем берди.

Анын үнүн эфир ташып кырды ашып,
Жыйылган эл сахнада өзүн ырдатып,
Бардык эркек ошол үнгө сукташып,
Бардык кыздар Мыскал болуп ырдашып:

Өз жүрөгүн арнап элге калтыраар
Ырчы калктын көптөн келген салты бар.
Эмгек, сүйүү эч убакта адамды —
таңшып турду алдабасын айтып ал.

Сан көз багып тургандыгын өзүнө
Сезди,
    терең маани катты сөзүнө.
Бүт дүйнөсүн кошту андагы үнүнө
Кыпындайын калтырбастан өзүнө.

Калайыктын ырчы кызы, ардагы,
(Өзүнүн да калбай элден арманы)
Ар бир таңда шаңкылдады.
                                        Ал ырдын
Кыргызына тийип турду жардамы.

## САЛИМА

Уккансызбы тоо булагы акканын,
Жанга жагым шылдыр курап жатканын.
Тургансызбы кыял бийлеп жээгинде
Же кечинде, же ак таңда ачкарын.

Уккансызбы чоор үнүн муңайым,
Андай болсо сизден бир кеп сурайын:
Сыбызгыган ошол үндөн карекке
Кармагансыз сүйгөн кыздын чырайын.

Уккансызбы боздогонун кыяктын,
Кыял кетип ыраагына ыраактын.
Кошул-ташыл ага булак шылдыры
Жайпап өткөн калдырканын кулактын.

Тунук, таза ар бир мөрчөм, ыргагы
Дал ошондой Салиманын ырлары.
Ал ырларда жатат көөлбүп, сыбызгып,
Сан жүрөктүн катмарланган сырлары.

Таңшып кирди булбул бакты кубултуп,
Тирүүлүктүн көөнөрбөсүн туюнтуп.
Ошол ыргак Салиманын ыргагы
Жиреп өткөн көкүрөктү сүйүнтүп.

Бар аз-аздан күлкүдөн да, ыйдан да,
Сагыныч да, кайгы дагы, жыргал да.
Үнгө баткан назиктиги элимдин
Кубанамын бир адамга сыйганга.

Жүрөгүнөн ыр булагы акканда
Оо, таң берет жакпаган да, жаккан да.
Ошол үндүн сыйкырында термелип
Учуп жөнөп бараткамда капкайда...

* * *

Аксакалдар, силер ырымдын
Түзгөнсүңөр нагыз өзөгүн.
Көп чечмелеп түмөн кылымдын
Баатырларын, башчы, көсөмүн.

Саптарымда сулуу карындаш
Сенин ысык демиң кошулуу.
Жаш денемде сүйүүң жалындап
Сактап жүрөм таптуу отуңу.

Курбум, сен да куру калбадың
Каршы тураар каар, ызгаарга
Достугуңду бүтүн арнадың.
Андай сапат аз го кыздарда.

Тирүүлүккө создум бир овон,
Түркүн кызмат өтөөр түркүнгө:
Жолоочуга чылым бир ором,
Сүйүшкөнгө чырак бир түнгө...

## ЛЕЙЛЕКТИГИ ЭКИ ТОО

Кылымдап маек курган
Эки тоо катар турган.

Туш жагы адыр, тегиз,
Эки тоо турган эгиз.

Бул ченге келсем жайда.
Бири бар, бири кайда?

«Ааламга таркап кетти
Жол менен кыялама,
Айланып ак чайнекке,
Чыныга, пиалага...»

Деп айткан жалкы тоонун
Күрсүнгөн уктум жообун.

Туш жагы адыр, тегиз,
Эки тоо турган эгиз...

Кылымдап маек курган
Эки тоо катар турган...

* * *

Сүйдүм сөздү билектүү,
Түйдүм сапты илептүү.
Сабалаган куш болуп
Таптым ойду түнөктүү.

Түндүн көзү бар экен,
Күндүн өзү бар экен.
Көөнөрбөс да картайбас
Калктын сөзү бар экен.

Созолон деп кыямат,
Сөзгө кылам зыярат.
Жашасын деп кыямат
Ырга кылам зыярат.

Ак баракты сыялап
Арбын күнүм кыярат.
Опол тоодой күчү бар
Ойго кылам зыярат.

## С. ЭРАЛИЕВДИН 60 ЖЫЛДЫК ТОЮНДАГЫ ЫР

Эл акыны Эралиев Сүйүнбай,
Сиз баскан жол сыймыктуу да, кыйындай.
Кыргыз сөзүн Сиз ардактап бактыңыз
Бабалардан калган асыл буюмдай.
Кыргыз рухун лирикадан таптыңыз
Кылым арткан жолду басып кыйырлай.
Кыргыз ырын Сиз бапестеп чаптыңыз
Космос көздөй атырылтып куюндай.
Акынына эл сыйынмак эмес го
Ыр жазбаса акын элге сыйынбай.

## ЧАЛ ЖАНА ГҮЛ

Урук саткан чал жанында буйдалып
Туруп калсам шектенди бейм: «Уурубу?»
Анда чалга мен сөз каттым жылмайып:
— Мага керек жакшы ырлардын уругу!

— Ыр дедиңби?
Мобул турган сан урук
Сепсең жазда сан гүл болуп ачылат.
Сарылары жар сүйгөнүң сагынып,
Бозгучтары муңайганың азыраак.

Көгүлжүмү көтөрүңкү көңүлүң,
Айтылбаган аёо сезим актары.
Кызылдары кыз жандаган өмүрүң
Ал жалында алоолонуп жатканы.

...Алып чалдан бир топ гүлдүн уругун
Жер жумшартып сээп койдум ал күнү.
Бажырайып ачылышып короомдо
Ырга айланды ал гүлдөрдүн бардыгы.

* * *

Жүрөктү ижарага берип болбойт,
Билсем да жасаганмын бирок аны.
Көрчү, эми гүлбагыма эч куш конбойт,
Жан келбейт абалымды сураганы.

Элестер сезимимдин түнөгүндө
Шалдаят,
жылт көрүнүп ойлор качат.
Бир кезде жашагандар жүрөгүмдө
Өзүнүн менчик күнүн жүргөн жашап.

Алмашкан бири кетсе бири келип
Кездешкен көп сезимге кексе жүрөк,—
Дагы эле жеңилгенин оңой көрүп
Өмүрдүн бир өңүтүн күтүп жүрөт...

## АЛТЫН ЭЛ

Колхозчунун колунан нан алдым,
Жумушчунун колунан шам алдым.
Калкым тарткан аргымак алдыда,
Курдашымын эскен жел, шамалдын.

Тоого чыктым топурап өр ашып,
Айланам бүт аңкыган жарашык.
Тоолук элге арнадым сансыз ыр
Тоо суусунун обонун талашып.

Алдырбаган арсарлык күйүткө,
Эр тилегин кармаган бийикте
Кагылайын кутман журт аман бол
Үмүт кошкон жылдыздуу үмүткө.

Ат тизгинин тарттым мен өрөөнгө,
Андан толду бөксөргөн көрөңгө.
Айланайын алтын эл аман бол
Канат кошкон канаттуу өнөргө.

## АКИМ ЖАЙЫТ

*(Совет районундагы «Кара-Кулжа» совхозунун чабаны Аким Саиповго арналат)*

Түндүктүн беттеп ызгаар суугуна
Берилеп улам түштүк ысыгынан,

Картада Беринг аты калды, мына,
Өттү эле коркпой Беринг кысыгынан.

Отуз жай бир коктуга коюн жайып,
Отуз жыл кыш-кыроодо алдан тайып,
Ар бир таш, ар бир чөбүн миң жол көргөн
Коктуну эл атаган: «Аким жайыт».

Төшүнө тагынганы орден, медаль,
Кыраңда туруп калса ойлуу кээде ал,
Канатын күүлөп жаткан сыяктанат
Гректин жомогунан картаң Дедал.

Кошулса Кара-Кулжа, Тардын суусу
Угулат далай ченге шары, чуусу.
Акимдин оторуна оомат келди
Коюнун тең жарымы үчем туучу.

Мээнеттүү күн барагын бирден айрып
Отуз жыл бир коктуда малын кайрып
Келаткан Акимдерге урмат, таазим,
Өлкөнүн байлыгына кошуп байлык!

## ЭНЕНИ ЭСКЕРҮҮ

Айылдагы үйүмдө
Энем тиккен төшөктөн
Таанылым кийген бир кезги
Көйнөгүнүн өңдөрүн...

Келсем, апам делдиреп
Кумдап жуулган чайнекке
Демдечү эле жыттуу чай
Томорчу эле сары май...

«Алыс жакта жүрөсүң,
Оббо, балам куруган!»
Деп апакем канча ирет
Берген пенсия пулунан.

Муңбай, атыр куюнбай
Жылдар учту куюндай.
Өзүн таппайм, элесин
Жүрөгүмдүн кабында
Сактайм ыйык буюмдай...

Канча жолу каркыра
Кайткан болсо артына
Дал ошончо жыл жаша —
Жетпейсиң эне баркына.

Сан өкүнүч кап! эсте,
Сен андыктан капа этпе.
Энең сени баккандай
Балдарыңды бапесте...

## ЖАШ КУРБУГА

Жаш калем,
азоо калем колуңдагы
Ойдолоп жыйсын ойду оюңдагы.
Сен — дыйкан, түшүм талааң — ак кагазың,
Шыгыңа мээнет кошсоң, бак табасың.
Мурун-мор түтүн булап,
жүрөк-мотор
Талбасын,
башыңды сен өйдө көтөр.
Өзүңө генийди да теңсинбегин,
Мокотот чыгармаңды кемсингениң.
Казып чык көз кайкыган сөз аянтын,

Табылат алакандай өз аянтың.
Кыртышын жакшылап бак,
сепкин үрөн.
Тырмала,
ийгиликтен кылба күмөн.
Дүйнөдөн көрө албастар өктө кетет,
Эрдикке жер үстүндө орун жетет.
Тарсылдат келечекти талант-милте,
Ыр оку, кол-кылычты эркин шилте.
Бир жашайт чындык-жалган,
мактоо-кордоо,
Көрөсүң, анын баарын
ушул жолдо!..

Т. Мамытов

## АВГУСТ

Көргөнсүң сен жазды дагы, көктөмдү,
Жамгыр көктөн өчү бардай төккөндү.
Улам жедеп туйганың бар тирүүдө
Эч кандай күч кайралбасын өткөндү.

Оолактаса эргүүлөрдүн майрамы,
Бошоңдосо эми жүрөк чыйрамы,
Сен ордуна келтир турбай кайра аны
Бар күчүңдү бир максатка жый дагы.

Канчалыгын даярдыгың, чыдамың —
Өмүрүңдүн августунда сынагын.
Колу менен кармап турат ушул ай
Мөңкүп аккан сансыз суунун кулагын.

Ушул айда чалгы тынбай кайралып,
Нур ширеге, дүмбүл данга айланып,
Керимселдин канатына олтуруп
Каяккадыр житип кетет майдалык.

Көрчү Күндү, кандай таамай тийүүдө,
Бак мөмөдөн шагын улам ийүүдө.
Жанат жарк деп чырагдандай эсиңде
Кез келээриң далай өктөө сүйүүгө.

Күндөр демеп сан сезимге түш кылат,
Бир чыйрыксаң, бирде жүзүң албырат.
Алды жакта күтүп коңур күз турат,
Кыярууда дарактарда жалбырак...

* * *

Чалкайган Ай чалкасынан
Жатып азга кыраңга,
Көөдөй түндү боёп кирди
Улам агыш ыраңга.
Анан тезден бийиктеди
Кайып чыга калгандай.
Жарый түштү тоонун койну
Караңгылык кармалбай.
Суу шарылдап, жел лепилдеп,
Жерге сыйбас тазалык
Кетип жатты жылдыздарга
Бул чөлкөмдөн ажайып...

## АРМЕНИЯ КАЙРЫКТАРЫ

Ассирия өзүнө храм курат,
Абиссиния жолдойт жолун.
Армения байыркы урандыдан
Бүт ааламга созот колун.
Комитастын күүсү менен,
Севан көлдүн суусу менен
Бүт чөлкөмгө айтат шорун,
Тагдыр жолу катаал, оорун.

Арарат дүңкүйөт конус формалуу
Эки тарабынан чек аранын.
Тоспо, түрк тууган, бол ары,
Сүйүүсүн селки-бозойдун,
Сагынчын ата-баланын.
Ар бир тал чөбү кыртыштын
Күнгө умтулат.
Мүмкүн эмес чексизди багынтуу,
Кармоо нурду кулпулап.
Бул — саксайган Күндүн астында
Чөгөлөп сыйынуу.
Акыл—тирүүлүктүн улуу, оор формасы,
Турмуш сүрүү—эң кыйыны!..

## СУКТАНУУ

Дастан БЕРДИЕВГЕ

Лейлектин «Өзгөрүшү».
Май түнүндө
Сайда суу, бакта булбул.
Ай тигинде
Күүлөрүн табийгаттын угат куунап.
Кулакты биз төшөсөк кайсы күүгө?

Кыз-келин кыткылыктап кыяк чалат
Десек биз,
шоокум салган булак тарап.
Курчалган жашыл тоого ушул өрөөн
Бейиштин бир үзүмү сыяктанат.

Бул жерде жашаганда жоктур арман,
Аванын тазасын айт көөдөн жарган.
Көк менен көркөмдүктү ташыганда
Ушунда бир кертими түшүп калган.

Ак мөңгү тоонун бийик кыркалары,
Катырац, арча токой бир тарабы.
Көк теңир бак тиктирип жаткан кезде
Ушунда унут калган бир танабы.

Уккан күү, көргөн көрктөн ошондогу
Сезимдер кийин дале бошонбоду.
Жүрөктө бир жылуулук уюп калды
Бир болгон чоң-кичүүгө ошондогу!

## АКЫНГА

Кайдадыр оогон мисал шаттык, күлкү,
Ырас, ой—бул куразтын болду мүлкү.
Азгырып аз кылактайт эмнегедир
Кырандан кумар аттуу кызыл түлкү.

Андайда сен үңкүйбө, ойлон, көшөр,
Сейректеп турмушундан ырдуу нөшөр
Санаандын салмактанган булуттары
Себепсиз өткүндөбөй сырдуу көчөөр.

Жалтанбай тик караган көзү күндү
Уялап алган рух бар сезимиңди.
Олуттуу бул курагың шарттагансыйт
Ар жолку ошол ойго кезигүүңдү.

Милдетин ата конуш элдин, жердин
Алгансың, акындыгың — ага белгиң.
Сууңду чачсын, кечсин, бурсун-койсун,
Буурул чач дайра болуп ага бергин.

Айлуу түн шоокумундан сени билсин,
Нук алсын, жээктериң жемирилсин.
Задинден, өжөр бүткөн агымыңдан
Гранит тоо түпөгү кемирилсин.

Акыным, мезгилиндин бол сынында,
Жылдыздар аласалсын толкунунда.
Сен пенде болгон менен бир жөнөкөй
От кошот сенин ырың зор кылымга.

## ПЕССИМИСТТИН ЫРЫ

Өмүргө соңку чабуул коюшкандай
Адамдар күн-шатыда калтылдашып,
Жылышат тирүүлүккө тоюшкандай
Аткылап келечекти тарсылдатып.

Обондор миң нотада дүңгүрөшүп
Жулкунуп жер чегинен ашат кайып.
Кулашат жалбырактай үлбүрөшүп
Адамдар күн-шатыдан буту тайып.

Жок, алар түгөнүшпөй, ноюп-талбай
Тынымсыз тукумдашып, көбөйүшүп
Өмүргө соңку чабуул коюшкандай
Жылышат күн-шатыда көгөрүшүп.

Айларды калыптоочу станоктой
Айланат өз огунда планета.
Чексизге жылып барат аткан октой
Даппаяр жарылууга граната.

## БАЙЫРКЫ КҮҮ

Бир кез келген азап-муңга өңү серт
Кайрат байлап чыдамакка кылдым шерт.
Ошол түйшүк башталууга аз калды,
Байыркы бир салтанаттуу күүнү черт.

Ой даабаган сансыз заман болгондур,
Пенде жерде азайгандыр, толгондур.
Жалаң гана кайгы-зарга бийлетпей
Шаттык туңган мезгилди да ойлондур.

Куулөр кайры кайра тезде чертилгис,
Кылымдардын каары тийсе мертингис.
Адам акылын баш ийдирген жүрөккө,
Махабаттын кылдарына кол тийгиз.

Мен ошондон таасирленип ырымга,
Умтулайын шарттуулуктан чыгууга.
Бүгүнкүдөй ысык болгон, от болгон —
Деп айтайын—сүйүү бардык кылымда.

Өрөпкүйүн, өз бактымды тосоюн,
Кудуңдайын, жүгүрөйүн, озоюн.
Осолсурап ара жолдо калбайын
Жаш жубандай күткөн келбес бозоюн.

Бир кез келген кыйындыкка өңү серт
Кайрат байлап чыдамакка кылдым шерт.
Сүйүү аттуу ошол түйшүк башталды,
Байыркы бир салтанаттуу күүнү черт!

## СҮЙҮҮ

Сүйүү—сапар, ал сапарда биз кербен,
Жол арбыткан адыр, бөксө, түз жерден.
Жаздан чыгып жай коюнун аралап
Биз келгенде бизге кошо күз келген.

Сүйүү — деңиз, биз андагы кайыкчан,
Парус үйлөп сүзүп чыккан жайыктан.
Махабаттын толкунуна кирииип
Сезимибиз сар-санаадан айыккан...

Сүйүү—токой, биз даракпыз андагы
Жер жайнаган эсеп жеткис сандагы.
Бирок, чиркин, чытырманбы, сейрекпи
Ошол сүйүү токоюнун ар жагы?..

Сүйүү—шамал, сүйүү—добул, сүйүү — Күн,
Пенде каалайт Күндүн узак тийүүсүн.
Сүйүү барда бактылуусуң сен, адам,
Сен, адамзат, сүйүү барда бийиксиң!

## КЛАССТАШ КЫЗ

Заман ажайып, көркү бир башка,
Көңүл делгирет дайым ырдашка.
Бойдо махабат, ойдо махабат
Классташ кызга,
жароокер курдашка.

Күндөр татына, терең сырлары,
Сүйүү, сагыныч, обон-ырлары.
Өчпөйт сезимден, чыкпайт эсимден
Классташ кыздын
басканы, турганы.

Сызат абада мезгил жебеси,
Артка ташталат өмүр белеси.
Жүрөт жүрөктө ар бир мүнөттө
Классташ кыздын
Ай-Күндөй элеси...

## ЖАҢЫ ЖОМОК

Арамдыкты кесип кылган бир кесеп
Далайлардын жок күнөөсүн иликтеп,

Ийнин тепсеп ошолордун бир кезек
Асман жакка чыгып кетти бийиктеп.

Жүрдү көпкө ким экенин билгизбей,
Жетмек болуп максатына алыскы.
Периштелер үйүрүнө киргизбей,
Шайтандар да окчун кетип калышты.

Ортосунда аркыраган боштуктун
Өйдө-төмөн тоголоду камгактай.
Ал эңсеген жыргал мында жок чыкты,
Кыйын болду ага мында жан бакмай.

«Убагында жаңылыпмын, жазыпмын,
Мүңкүрөттү жок бакытты эңсемек,
Кулу болдум тиштем нандын, азыктын!»
Деп актанып жерге кайтты темселеп.

Кезегинде кордук көргөн кишилер
Ал бузукту дароо жазбай таанышты.
Унчукпастан өз жолуна түшүп эл
Үйлөрүнө таркап кетип калышты...

Бул жомокту биз бүтүрдүк ушундай,
Түшпөсүн деп окурмандар кейишке.
Чындыгында кайрылган жок ал шумпай,
Эптеп жүрүп жайгашты дейт бейишке...

## СУУБАС ДЕМ ТУУРАЛУУ ЫР

Сатылган ОСМОНОВГО

Турмушту теше тиктеп көрөм эми,
Түбү өлүм актыгына көнөм эми.
Калтырып жадыраган жаштык айлын
Ылдамдап улам карый берем эми.

Качандыр соңку саатты күтөм эми,
Күн бүтсө түпкүргө да түшөм эми.
Унутуп чечилбеген түйүндөрдү
Жыңсыздык шарабынан ичем эми.

Жазганым эл ичинде калат эми,
Мен жокто алар күчтүү жанат эми.
Зымырап Жер үстүнөн учуп өткөн
Жебенин үнүн эске салат эми.

Ал үндөн шамал обон курайт эми,
Тоо суусу жаңырыктап туурайт эми.
Ошол дем өз доорунда пайда болгон
Алоолоп көп мезгилге суубайт эми,
Алоолоп көп мезгилге суубайт эми...

## УЙКАШТЫ АЛЫП ЧЫКТЫМ ЫР БАШЫНА

Ыр башына алып чыктым уйкашты
Курдашыма мактанчудай тариздe,
Ал мунума колун шилтеп кокустан
Чырдашууга чейин барса не кылам?

Баратышат көктө сызып турналар
Карашышат карыялар аларга
Көчөдөгү чаң ызгыткан бөбөктөр
Тарашышат үйлөрүнө карды ачып.

Кийген өңдүү көйнөгүмдү тескери
Билген өңдүү болоорлугун ушундай
Кыжаалатка келе түштүм карпа-курп
Тилген өңдүү сынык айнек таманды.

Таштайынчы ырды минтип жазганды,
Баштайынчы үйрөнгөндү башынан.
Мыш болбоюн сынчылардан сын угуп
Шашпайынчы шарты келбес жумушка.

## ҮЧӨӨ

Акын жазган жакшы ырды
Дейли: Окурман жактырды.

Байкап көрүп анысын
Баалап берет аны ким?

Калыс кылсак сынчыны,
Сынчы акынды чымчыды...

Акын ага тызылдай
Ыр сапырат кызылдай.

Ал ырларга окулган
Алакан чабат окурман.

## ОРУС КЫШЫНАН ФРАГМЕНТ

Түздүктөрдү кар олчоюп жапкан бүт,
Келээр жаздан жок эч белги, жок дайын.
Карагайлар зыңгырашкан токойдо
Турат кылка жеңил кийим ак кайың.

Ушул ченде көп негедир сагызган
Дарактардын кылда учунда отурган.
Же салпактап туш келди учуп бараткан
Каргаларды коштоп суюктан кутурган.

Заңң! деп анан кайсыдыр бир ачыктан
Толот көзгө сөлөкөтү чиркөөнүн,
Унуттуруп жаздын али алысын,
Унуттуруп асман көптөн бүркөгүн.

* * *

Өттү чилде бушайманы,
Арылады жол учу.
Бороон үнү кыш айдагы—
Жаздын үнү болучу.

Сейректентти булут сабын,
Көгүштөнду кең асман.
Байчечекей — жердин табын
Алып чыгып келаткан.

Кере карыш күздүк бою —
Демек, алда түшүмү.
Окшойт жаздын «позывною»—
Суунун шары, куш үнү...

## ТӨЛӨМҮШ МЕНЕН АМАНАТ

Балмуздак саткан—керек иш,
Кара жер казган—керек иш.
Кырк миңден ашык кесип бар
Кыйырын өлчөп ченегис.
Ошончо кесип ичинен
Чабандык кесип тутканы.
Майнабы чыккан ишинен
Аманат менен Төлөмүш.

Жай-кышы бирдей дамамат.
Жайлоолоп, жака-талаалап,
Өздөрү болуп саламат,
Койлорун жайып саламат,
Козусун бербей өлүмгө
Белсенип иштеп жүрүшөт
Береги Ысык-Көлүндө
Төлөмүш менен Аманат.

## КЫЗЫК, ТҮНДҮ КӨРБӨГӨНҮМ

Күн жылып бара жаткан көк иримге
Көп тиктеп, көп суктанып көңүлүмдө:
Батырбай ошол күндү ээрчип жүрүп
Бир ирет түн көрбөдүм өмүрүмдө...

* * *

Ар бир күндүн жылуусун
Бирден сапка батырам.
Ошол сапка жылынсын,
Сүйгөнүмдү чакырам.

* * *

Чачыңыздан мен билдим
Алтын кара экенин.
Жүзүңүздөн мен билдим
Күмүш сүттөй экенин.

* * *

Ким элем төрөлгөнчө, жүргөм кайда?
Миң жылдар өткөн кезде кайда болом?
Туямбы тирүүлүктүн табын кайра,
Да качан кайталанам, пайда болом?

## ЭСТЕЛИГИҢ — ЫРЛАРЫҢ

*(Акын курбум Курбаналы Сабыровго арналат)*

Курбаналы, курдаш элек бир өскөн,
Айтышчу элек тилектерди жүрөктөн.
Жоксуң эми... үйүңдө да, көчөдө,
Көз тигесиң ойлуу түшкөн сүрөттөн.

Жоксуң эми,
биз тагдырга күнөөнү
Артабыз да,—себеп таппай жүйөлүү.
Максатынын ордугуна чыдабай
Тытылдыбы кайран акын жүрөгү?!

Өмүрүңдү арнап ырга койгондон
Райгезитке кеттиң көчүп Коргондон.
Анан Ошто радиону сүйлөттүң,
Берүүлөрүң кем чыкпады борбордон.

Мээнет тартып сен чекеңди тердете
«Орто-Сайга» куруп алып жер кепе
Фрунзелик болгонуңа сүйүндүң—
Тагдыр менен таймашканга сен жеке.

Китептериң: «Козу-Баглан», «Нур булак»
Элге тарап,
«Өрүкзарың» гүл бурап
Турган чакта өчтүң жалп деп,
биз калдык
Ыр-дайраңдын жээгинде тунжурап.

Муңдуу кошок, ый чубурду артыңдан,
Оо, Лейлектин жаш шумкары талпынган!
Не кылабыз?
Эстеп окуп жүрөбүз
Ырларыңды эстеликке калтырган...

## ӨТКӨН БАЯН

Жарк этти күмүш кемер,
шарк этти күмүш чачпак:
— Ак сүйүүң жанга демөөр,
шамчырак, алыс качсак!

Жалт этти болот канжар,
шарп этти күмүш чолпу.
Оо түгөт... азыркы сөз
сөз беле соңку жолку?
Баарысы өттү, кетти,
түгөндү, житти, бүттү...
Ким анда кимди сүйдү,
ким анда кимди күттү?

* * *

Ай — асмандын орогу,
Анан туруп — алмасы,
Анан дагы — мамасы...

Ай — эжеке, Күн — жезде,
Таарынышып ай бою
Чогуу болот бир кезде.

Ай — ааламга үзөңгү.
Аны тээп адамзат
Жылдызга салат жүгөндү.

Ай — жезкемпир арсагай.
Жек көрүппүз биз бөөдө,
Кемпир эмес, барсак, Ай.

Толукшуган кезинде
Ай чынында — Айсулуу.
Ага теңдеш кай сулуу!

Жарым түндө Ай сүрдүү,
Жарым түндө Ай сырдуу,
Биз ырдайбыз кайсы ырды?

Жетээр болсом Айга мен,
Жатаар элем ай бою
Кучактатышып Ай менен...

## КҮЗ ЫРЫ

Азайып чокулардын мөңгү-кары,
Айлана алтынданып тартты сары.
Ийилди зор салмактан жерди көздөй
Шыгырап алма бактын бутактары.

Сеңселди көтөрө албай буудай данын,
Үймөккө айланышты чөптөр калың.
Сыртынан жашыл болуп турган менен
От катып дарбыздардын ичи жалын.

Сайраган түркүн куштун чулдурунан,
Тынч албас булактардын булдурунан
Жүзүмзар шире жыйган тулкусуна
Кыртыштан, анан дагы күн нурунан.

Барагын календардын улам айрып,
Убакыт күзгө барат толо байлык.
Акысын дыйкан төккөн ыйык тердин
Жер гана жүз эселеп берет кайрып.

Аңызга мал ылдыйлап середеги,
Чыйралтат муздак аба делебени.
Күз айдын обонундай кайып өтөт
Көк менен жөргөмүштүн желелери.

Мекендин ойдуң, тоосу, түзү менен,
Жол жүрүп Баба Дыйкан изи менен
Пейили тазаланат адамзаттын
Берешен табийгаттын күзү менен.

## ИШТЕМЕКМИН БИР ӨМҮР

Жетпесем да бир өзүңө кол сунуп,
Бакыт салдың коюнума толтуруп.

4*

Иштээр элем өмүр бою чарчабай
Жетээр болсом...
Жүрөгүңө жол куруп!

## КӨП СЫЙДЫН КЕРЕГИ НЕ

Ойлорум кербен болуп көчөт сага,
Жарк этип чагылгандай өчөт санаа.
Сүйлөсөң көп сый болуп кетет мага,
Бир гана көз карашың жетет мага...

## КЫЗЫЛ КУЛАККА ЫР

Соодасы соодагердин кызып турат,
Мындайда абийир турат оолагыраак;
Соодасы жүрбөй калса кызыл кулак
Ырымга энесине соода кылат...

* * *

Душмандын душмандыгы сага дайын,
Ортодо кууну канттиң кошоматчы?
Күн болсоң, сени менен ар күн сайын
Өңдөнөт кошо чыкчу, кошо батчу...

## АКРОЫР[1]

Ачык асман алдындагы бир пенде
Келбетиңе көзү түшүп болду дал.
Жолукканда өзүң менен, ирмемге
Оюн бийлейт не бир укмуш кыялдар.

---

[1] Акроыр — саптагы баш тамгалардан сөз пайда болуучу ыр.

Лайлини издеп Мажнун кандай каржалса,
Тобокелге дал ошентип басмак бар.
Опсуз сүйүү бийлеп алса ал канча,
Иог күчүнө таазим кылат адамдар...

Анан дагы айтып койчу бир нерсе,
Кудуретин махабаттын өлчөө жок.
Жол-тагдырда сүйүү сезим бир келсе,
Ойлуу тартат ошол күндөн кыял шок.
Лаачын болуп кайыйт көктө үмүтүң,
Тамашалап айткан кебиң аткан ок.
Оору-сыркооң, унутулат күйүтүң
Иог күчүнө таазим кылган жан окшоп...

Алыс-жакын жолдор менен басканда
Кайсы жайдан кезигээриң билбеген.
Жолуккан соң сыр сандыгын ачкан да, —
Ой-сезимин ээлеп алган дүрбөлөң.
Лола гүлдөй жайнап турсан маңдайда
Тамшанбаган ким бар сени сүйбөгөн.
От-жалынга ким бар кирбес андайда,
Иог күчүнө ким бар башын ийбеген.

## ПЕДАНТТЫН СҮЙҮҮСҮ

Газетага ороп алып каз этин
Баратасың.
«Ойдогуңу жаз, өтүн
Кат жүзүндө» деген сымак турпатың,
Турпатыңа туткундалат көз отум.

Да бир күнү көтөргөнүң карп балык,
Бар тапканың энекеңе сарпталып,
Кемпир тыңып сырттан күтөт өзүңдү.
Бир өзүңдөн биз да артка тартпадык,

Жакшы кызсың тиричиликке буйрө өскөн,
Буйрөлүккө жесир апаң үйрөткөн.
Бул жашоого ойлуу тиктеп каламын
Бир тынымга өзүң менен сүйлөшсөм.

Сөзгө дагы, ишке дагы бекемсиң,
Ишканада ударник да экенсиң.
Ар биринде «Марокко» деп жазылган
Бүгүн көрсөм сеткаң толо апелсин.

Күчөп сага күндөн-күнгө тартылуум,
Ачыгымды айтпай жүрөм, алтыным.
Бул турмушта жаман айтпай жакшы жок,
Баш кошушсак... багып алаар бар түрүң!

## СЕНИН БИЙЛИГИҢ

«Эгер мен ырдын гана болсом кулу,
Калмакмын сезбей көркүң, оо жаш сулуу!
Айланып кетмек дагы ырым өрткө,
Куурайга окшоп калмак а күн нуру.»
Бул сөздө терең кеткен бир тамыр бар.
Айтпаптыр тегин жерден акын муну.
Дал бүгүн, сен—ошол ыр, көз карашың
Күн болуп айсыз түндө жанып туру.

Сыйкыр—сен, буйругуңа калк эс түргөн,
Сезимге дирижер — сен, оркестр — мен.
Жылдызды көрөм десем сенин демиң
Булутту асманымдан алыс сүргөн.
Чексизге жөнөйм десем, сенин эркиң
Келептеп зымырылган жолду түргөн.
Кааласаң кушмун учкан, төөмүн чөккөн,
Кайтарып карышкырдан итмин үргөн...

Бийлигиң ой-жадыма чексиз тарап,
Өзүңдү мен дал болуп турам карап,
Көп күндүк жамгырдан соң көктө күндү
Ушинтип сагынычтуу тиктейт дарак.
Акындан айлар бою жазбай кеткен
Ушинтип ырды күтөт аппак барак.
Ишенсең ушул ысык көз караштан
Эрийт да Айдын чети жерге тамат.

Сөз ээси туят анда сөздүн баасын,
От ээси боло түшөт отко жакын.
Ошондой сен да мени бир абалга
Кабылтып койдуң минтип, асылзатым.
Кааласаң турба карап, салып жибер,
Турмушка бир салынаар тузмун татым.
Жүрөгүм сенде калат, ырларыма
Уйкашып жүргөн менен акын атым.

Билбейсиң бирок, селки сезим жайын,
Мен дагы тура бербейм минтип дайым.
Өзүмдү оттон алып сууга салам
Тутулуп бир кезекте Күнүм, Айым.
Көлкүлдөк ысык дүйнө мээлүүн тартып
Эргүүлөр таркайт, житет көздөн кайым.
Азырчы?
Бийлик Сенде!
Кулдук менде!!
Өл десең—жаны чымын байкуш пенде...
Мен нени айтып жатам, о кудайым?

## КУСАЛЫК

Кезигип жылдардын бир жылдарында,
Кайырсыз айлардын бир айларында,
Кайдадыр алып кеттиң жаштыгымды
Жер чийген чачтарыңа байладың да.

Тирүүлүк бүтүн бойдон тушап алып,
Түшүүдө өмүр менден ушаланып.
Узун түн элесиңди унута албай
Унчукпас болуп кеттим кусаланып.

Коноктой күндөр өтөт алчыланып,
Күмүш сап камчы менен камчыланып.
Бой таштап тегирмендин барасына
Кээ күнү калгым келет кайчыланып.

Көз бүтүп көк көйнөкчөн убагыңан,
Арбын жыл атың кетпей кулагыман;
Түшүмө киришиңди күндө тилеп
Уктаарда угузбастан дуба кылам...

## МАХАБАТ ДАБАСЫ

Мен үчүн жаралгансың бул турмушка,
Сезимтал махабатка болуп даба.
Окшошсуң асмандагы бир жылдызга.
Жок, жалган. Жылдыз өзү окшош сага!

Мен сени тоодон эскен шамал деймин,
Кыдырган бул ааламды куунап, эркин.
Сен ошол сапарыңдан аман келгин
Жашоомду жагалданткан, кымбат селким!

Аз күнгө көрбөй калсам илдет чалды,
Сүйүүңө байланышкан айыкмайым.
Мен үчүн андан ашкан милдет барбы
Термелген толкундагы кайыктайым!

Өвүңсүз бул өмүрдүн жок кызыгы,
Билсем да алда сонун жылдар барын.

Жүрөктө сагынычтан чок кызыды,
Гүл болуп маңдайыма ыргалганым!

Мен үчүн жаралгансың бул турмушка,
Сезимтал махабатка болуп даба.
Окшошсуң асмандагы бир жылдызга.
Жок, жалган. Жылдыз өзү окшош сага!

* * *

Жылдар өтсө махабат эскиреби?
Ак сезимге билинбей кеч киреби?
Мени бүгүн ушул ой жанчып жүрдү.
Ушул сезим аябай кескиледи.

Бадырайган ак мектеп кайда калдың?
Караанынды көрмөккө жайда бардым.
Класс, короо, коридор—баарысы ээн,
Эч бири жок сан боек, саймалардын.

Кирдим биздин класска.
                    Сен олтурган
Ченде менин орунум боло турган.
Санаа чегем бул кезде сыяктанып
Өткөн өмүр бекерге коротулган.

Чынында да өзүңдү сүйүптүрмүн,
Сүймөк турсун кызганып жүрүптүрмүн.
Суз өңдөнүп мамилең мага гана,
Башкаларга жаркылдап, күйүктүрдүң.

Кымбат курбум эсен-соо жүрөсүңбү?
Кыялыңа өткөндү үйөсүңбү?
...Жалбырактын алдына катсам, жамгыр
Эстейм жууп салганын сүрөтүңдү.

«Сүйөм!» десем капыстан жолдон эле,
Ыйлап ийдиң озондоп шондо неге?
Бул окуя, бул иштер көп жыл мурун
Бешинчи «Б» класста болгон эле...

* * *

Сүйүүгө кайиф кылган алтын кече,
Ошондон ал келбеди соолугууга.
Жаштыкта биз жанаша баскан көчө,
Кайта да чакыр бизди жолугууга.

Денеде уяңдыктын оту күйүп,
Кул болду сезим жалгыз сагынууга.
Өзүңдү калган күндөн оттой сүйүп
Канча бир муздак шамал агылууда.

Азыркы жүргөн жерим кыштак, талаа,
Ким көрөт көз жашымды кылсам талаа,
Кайтадан чакыр бизди жаштык калаа,
Денеден кетсин туздай чөккөн санаа...

Махабат, дүңгүрөп тур төбөбүздө
Күркүрөк чагылгандуу маанай болуп.
Жыйылсын жаштык сезим денебизге
Экөөбүз ошол отту карай коюп...

* * *

Жок, сүйлөөгө кудуретим жетпейт,
чамам чакталуу,
Колум жаңсап
жасайм аркыл ишарат.
Бир зор алоо көкүрөктү
өрттөй болуп каптады,

Эми менде
тынчсыздануу күч алат...
Жок, мен эми четтебеймин
бир туш келген тагдырдан,
Кайда барам
жазмышымдан чычалап.
Сизди көптөн кусөгөнмун
бул дубандан жактыргам,
Эми менде
тынчсыздануу күч алат...

Бир үмүттүн аркасынан жүрүп тынбай
талды бут,
Ой онтогон учурда да
сезим сергек уча алат.
Махабаттай зор илдетке
калдым минтип чалдыгып,
Эми менде
тынчсыздануу күч алат...

## РОЗАГА

Оромолуң очоктогу жалындай,
Жыттуулугуң Карагуздун балындай,
Аппак тишиң күрүчүндөй Өзгөндүн,
Өрмө чачың Оштун мажүрүм талындай.
Жаштык ырың Тар дайранын шарындай,
Жарк эткениң жайкы күндүн табындай.
Күндөр сенсиз каңтарылган аргымак
Себеби жок зор байгеге чабылбай.

Ажыкенин алп жайлоосу мээримиң,
Качуранын карагайы көрүмүң.
Тоонун койнун жарык кылган жаш сулуу
Деги кимге чалгын чалат көңүлүң.

Адамдарды тамшандыра караткан,
Сезимине нур-бийлигин тараткан
Көрдүң беле?— дешсе менден,— сулууну...
—Ооба, көргөм,—дейм—Мырзаки тараптан.

## АРДАГЫМ

Ардагым деп обон создум ардагым,
Бир өмүргө өзүң кайгым, арманым,
Элесиңден жардам боло тургансып
Сарсанаада сени эстеймин ар дайым.

Сансыз гүлдөн мен өзүңдү тандадым,
Сыр тартышып таңда-кечте жандадым.
Ушунчалык сүйөт экем, аттиң ай,
Убадамда неге тура албадым?

Айыбымды жашырбадым, танбадым,
Бир жашоодо кызыгыңа канбадым.
Махабатка жеңил-желпи караган
Мендей болуп тиштеп калат бармагын.

Бактылуу бол алтын саамай, жалжалым,
Түшүнүктүү менин болсо ал-жайым.
Бизден соңку жаштар ойлой жүрсүн деп
«Ардагым» деп безелендим, Ардагым!..

## КӨҢҮЛ

Тытылган булут болуп тентип жүрдү
Кусадар көңүл бүгүн маанайы пас.
Сен мага кайрат болоор сырдуу, сүрдүү
Жүрөктү титиреткен каттардан жаз.

Сөз гана сактайт бизди ойго терең,
Көрсөтпөйм убайымчыл сүлдөрүмдү.
Өзүмкү сыяктантып жашай берем
Ал жакта сенин сүргөн күндөрүңдү.

Жаркырап көңүлүмдүн чордонунда
Катмарлуу мөңгү жатат эрибеген.
Ал мөңгү көлгө айланмак,
болгонумда
Тагдырлаш,
ирегелеш сени менен...

## СЕНИН СҮЙҮҮҢ

Сенин сүйүүң атан төөнүн жүгүндөй
Баскан мени.
Эми кайда жүгүрмөй!
Мажунуңуң болуп калгам унчукпас,
Сен дегенде төр бошотуп жүгүнмөй.

Түпкүрүмдө жан сезе алгыс санаа бар,
Билем, көптөн түшүнүксүз сага алар.
Сени сүйүү — бүт өмүрдү туткунга
Кармап берип койгон менен барабар.

Ушул сезим кыйнап ийди жаш жанды,
Жүрөгүмдө ой бороону башталды.
Эркиндиктин даамын сезип калууга
Баш бурсамбы,
кучагыңдан качсамбы?!

Күмөн ойду күн айлантпай чечсемби,
Күлүп туруп күңдүк жолго безсемби.
Азаттыктын даамын сезип калууга
Айкашсамбы,
аалам кезип кетсемби?!

## МИҢ ТАМЫРЛУУ ТИРҮҮЛҮК

(Эки бөлүмдүү цикл)

I

### 1. Мен турмушка келатам

Күүлөн шамал,
                    уч жалбырак,
Ойно куюн,
                    сапырыл чаң,
Ур борошо бет алдыман,
Мен турмушка келатам.

Күлүңдө Күн,
                    ажарлан Ай,
Тол жылдызга чексиз асман,
Сен, Табийгат, бергин жардам
Мен турмушка келатам.

Толку деңиз,
                    бул каарыңдан
Чөкпөй-житпей аман калсам,
Өз жүгүмдү өзүм тартам,
Мен турмушка келатам.

### 2. Жарык дүйнө

Эне, сенден тапты перзент жарык дүйнө,
Оо, ал дүйнө дүңгүрөгөн тарых дүйнө.
Алдей-алдей,
                    аппак бөпө,

Алдей-алдей,
Тегерен, Жер, бейпилчилик калыс күнгө.
Жарык дүйнө жароокер да, чымыркай да,
Энекебай, эмчегиң сал ымыркайга,

Жарык дүйнө жапан дагы, жарык дагы,
Жел шуудуру, суу шылдыры арыктагы.
Алдей-алдей,
 аппак бөпө,
Алдай-алдей,
Тегерен, Жер, жылдыз болуп алыстагы.
Жарык дүйнө жароокер да, чымыркай да,
Энекебай, эмчегиң сал ымыркайга.

### 3. Кулунчак

Кулунчак минген балалык
Ак мектеп көздөй жол алды.
Саамайга чачын таранып,
Тоготпой калды шамалды.

Кулунчак минген балалык
Кубанып карайт алыстан.
Аркага чачын таранып
Кыз-улан болуп калышкан.

Кулунчак минген балалык
Сүзгөнү билим кемеси.
Калаанын жолун каранып
Кат күтөт баккан энеси...

### 4. Жаштык сүйүү

Өрт өчүргүч, өзөн суусун чачсаң да,
Тумчуктуруп чүмкөсөң да, бассаң да
Күйө берээр чамгарактап, чатырап,
Жаштык сүйүү от ыргытып асманга.

Өрт өчүргүч, көлдүн суусун куйсаң да,
Төбөсүнөн күн жаадырып турсаң да
Алоосунан жанбай турган улуу өрт —
Жаштык сүйүү белектелген ынсанга.

Өчүрөм деп аны бекер тырышпа.
От ичинде өзүң калып курушпа.
Таң атаарда тоо жайпаган ошол өрт
Күн батаарда жетип барат булутка.

Өчүрөм деп бир абалга кабылба,
Алың жетпейт октон бүткөн агымга.
Ошол агым жерди турат жылытып
Ай асманда, Күн уйкуда чагында.

### 5. Табийгат коюну

Табийгат жаз таңында өзгөчө март,
Нурга бай, таза дидар, эң жаркырак,
Ак төшүн ачып салган жаш сулуудай
Тамшантат, өрөпкүтөт, делбе кылат.
Делбе кылат,
Чакырат ыраак, ыраак...

Сабалайт асманында канаттуулар,
Күрпүлдөп өзөнүндө агат суулар.
А бирок, аязычы, бороонучу,
Кышычы?
Капшабына алат булар.
Алат булар,
Андачы, тоцот кыял...

## II

### 6. Коштошуу ыры

Кетесиңби турмушумдан?
Жакшы бар!

Мезгил бизди билиндирбей жат кылаар.
Кээде гана чөлдөн көргөн курмадай
Сени эстесем сезимимде жаз тураар.

Жок!
Жок!
Жүрөк дегдеп алды жаңырытып,
Сен тарапка жолду андыктан жаңыртып,
Кайта баштан мамилени жаңыртып,
Кирип барам кабарлабай камынтып.

Жүрөк дегдей берерлигин унутпай,
Туюп алдан,
барaар жолду унутпай,
Келем сага,
ишенемин мен өңдүү
Өткөн күндү жүргөнүңдү унутпай!

### 7. Жашоо кызык

Жашоо кызык, жашоо таттуу,
Кайталангыс, ыракаттуу.
Кайгылуу да, акараттуу,
Күлкүлүү да, махабаттуу.

Жашоо кумар сырга толо,
Кубанычка, нурга толо.
Сагынычка, сыйга толо.
Кээ бир күнү кесепеттин
Сар санаага, ыйга толо.

Жарык жолго жарык асман,
Сапар тартсаң арыбастан,
Шум ажалды таанабастан,
Өмүр сүрсөң карыбастан
Жашоо кызык!
Убайымсыз!

## 8. Кайда максат!!

Кайда максат?
Жасаймын деп көөдөн урган?!
Жасалдыбы?
Тоо томкором деген үмүт эмне болду?
Ишке аштыбы тилек шордуу?
Сен оюңа алдың бекен
Адам муну?
Жасайм деген арзууларың жасалдыбы?
Же жешилип желге, суугa
Күч кубатың азайдыбы?
Чоң кыргындын коркунучу азайдыбы?
Азайдыбы?
Оо, адамзат, деги дилиң
Тазардыбы?
Тазардыбы?!

## 9. Бийликте ички ритм

Бийликте ички ритм!
Кереги жок бийик сүйлөп.
Ала жат жаманыңды,
Жакшыңды уулуңа үйрөт!

Мөмөлүү дарак гүлдөп,
Мөмөсүз дарак бүрдөп,
Жаңылансын дүйнө бүтүн,
Бийликте ички ритм!

Ала жат жаманыңды,
Жакшыңды кызыңа үйрөт!
Ошолор кызмат кылат
Заманды алга сүйрөп.

### 10. Мезгил

Мезгил шашат шыпырылып жүгөнү,
Жазылбаган тагдырына түгөнүү.
Адамдарга өлүм ак!
Адамзатка өлүм жок!
Тыным билбе
Мезгил, мезгил — аргымак,
Мезгил, мезгил—аткан ок!

Мезгил шашат келечекке керемет,
Сан элдерге бул дүйнөгө келе элек.
Адамдарга өлүм ак!
Адамзатка өлүм жок!
Тыным билбе
Мезгил, мезгил — аргымак.
Мезгил, мезгил—аткан ок!

1982—83.

## МАХАБАТ ТУУРАЛУУ БИР КЕЧТЕ ЖАЗЫЛГАН ТӨРТ РОМАНС

### I

Катар турган эки дөң
Кумдуу чөлдөн көрүнгөн —
Кош алманы эстетти
Чыкпай калган көңүлдөн.

Сезим такыр чарчабас
Сенин атың укканда.
Ай асманда чарчабас
Эртең кайра чыккандан.

Жүрөк такыр жадабас
Жаным, сени сүйгөндөн.
Күн асманда жадабас
Эртең кайра тийгенден.

II

Сүйүү—алтын уюган!
  Айыр жезден, калайдан,—
Шаңгыракты сүйүү деп
Шылдың болгон далай жан.

Нагыз сүйүү саргаят
Сагынычтан ак тилек.
Ар бир көпкө күтүүдөн
Саамайына ак кирет.

Сүйүү байлык, ырыскы ал
Түтөөр чачсаң сан жылдап.
Шыңгыраган хрусталь
Урунуу шарт эң кылдат.

III

Сүйүү деген эки жээк,
Ортосунда дайрасы.
Эки тарап, эки жоо
Кеткен жедеп айласы.

Бири чакмак, бири чий,
Ортодон от чагылтуу.
  Өжөр эки альпинист
Бир чокуну багынтуу.

Сүйүү деген—эки жол
Бир-бирине кезигип,

Даңгыр жолго айлануу
Чачтай болуп эшилип.

## IV

Мөгдөп турса махабат,
Кимге керек салтанат.
Тилектерден көк өнөт,
Жүрөктөрдөн кан тамат.

Жүрбө дагы байкабай:
Терин сүртүп чекенин,—
Элиң күлгөн зор күлкү
Сүйүүнүкү экенин.

Жүрүп турган бороон да
Токтолбостон көп күнү,
Деңиздеги шамал да
Махабаттын эпкини.

# сонеттер

## ТҮРМӨК СОНЕТ

Ыр саптар — өмүр кертими

— Мажүрүм тал неге суута үңүлөт?
— Жибек чачын тараганы өзүнүн.
— Ак булуттар неге көлгө үйүлөт?
— Улантканы жамгыр төгөөр «кесибин».

— Адам мынча ойлой берет өткөнүн?
— Толуш үчүн эртең нурга тагдыры.
— Пенде неге танат колу жеткенин?
— Болуш үчүн сансыз ирет бактылуу.

Балалыкка багыт алды бул—сапар,
Чөлдөн суусап көлгө келген булуттай.
Ошондогу көпүрөдөн жалгыз тал
Мен силерди алып өтөм жыгылтпай.

Ошол чактын селкинчегин күүлөнтүп,
Балык сүзгөн иримине бой таштап,
Улууларга салам айтып жадырап;
Селкилерге кийим кийген түрлөнтүп
Бир жалт карап, чочугандай ой таштап,
Ошол ойдон корко түшүп азыраак...

I

Мажүрүм тал неге суута үңүлөт?
Кусадарбы булбулунун үнүнө.

Көркtү туйбас ал булбулду күнүлөп
Бир өмүрдү тигем талдын түбүнө.

Бул биздин үй. Ичи бактуу чоң коргон.
Ал коргондон салам сыртка сарасап.
Жолоочулар тынбай каттап чоң жолдон
Өмүрлөрүн ташып кетип баратат.

Биз күндөрдөн жасап алып батберек
Учурчуда тал экөөбүз бирге элек.
Түн кирдиби, укташ керек. Жат, демек.
Таң аттыбы, ойноо милдет. Тур, демек,

Кийинки жыл тынбай машак тергенмин,
Куу адырдан түшпөй жашыл өрөөнгө,
Кусалыктан бир чыр-р эткен сезимим.
Күздө гана мажүрүм талга келгенмин,
Ал үңүлүп турган экен төмөнгө,
Жибек чачын тараганы өзүнүн.

## II

Жибек чачын тараганы өзүнүн
Шуудур дарак суу-күзгүгө жалт карап,
Мен күбөсү—муңайыңкы кезинин,
Бир серпимин таштап коюп арткараак.

Бирок түшкө бүт учурда нан кирди,
Көп нерсенин атын билдик, өзү жок.
Тиктеп кышта түтүн бүркөн тандырды
Терезеден телмиргенбиз сөзү жок.

Согуштан соң болмок кийим кайсы абат,
Бүйрө колдуу апаларга ыракмат,
Бардан-жоктон куранттырып кайсалап
Кийиндирди, тоюндурду бир аздап.

Эмнедендир жүрөк кээде ачышып,
Эмнедендир дүкүлдөгү басылбай,
Эмнедендир жетине албай сүйүнөт;
Мергенчилер кармайт эми атышып...
Учуп кетпей, ка-ап... тезирээк жашынбай!
Ак булуттар неге көлгө үйүлөт?

III

Ак булуттар неге көлгө үйүлөт?
Алар эркин, учам десе уча алган,
Бактылуу да дарак-чөптөн миң ирет
Тамыр жайган кыртышына тушалган.

Бакыт эмне? Эркин зуулап көк менен
Эргип, эргип жол жүрүүбү чымчыктай,
Түмөн өмүр өтүп барат көп менен
Эл ишинде журттан сыртка бир чыкпай.

Эгер дарак топтобосо күн нурун,
Демеп жерден жыйнабаса күч-кубат;
Оору-дартка дуушар болот күн мурун,
Кыйроого өзүн туштап берет, уттурат.

Андай болсо ар нерсеге суктанбай
Дилиңдеги ичтардыкты унуткар,
Майрам болот бакыт менен кезигүүң.
Таңда дыйкан талаасына чыккандай,
Көл айдыңын ылаваласын булуттар,
Уланткапы жамгыр төгөөр «кесибин».

IV

Уланткапы жамгыр төгөөр кесибин—
Булуттардын өмүрүнүн өркөнү.
Ачып коюп жан-дүйнөнүн эшигин
Тиктегиле силер мобул өлкөнү;

Ал өлкөнүн Махабат да бир аты,
Да бир аты—Арзуу, Күйүү, Чок басуу.
Кемпай, шардан, азынан го тек жашы...
Көзү сокур, акылы кем, жок башы.

Тумоо мисал картаңга да, жашка да
Дароо жугуп, айыгышы азаптуу
Бул бир илдет кутулалгыс качса да,—
Бирок дээри мөлтүр-тунук башаттуу.

Ал өлкөнүн кичүүсү да, чоңу да
Жалгыз гана таазим кылып жүрөккө
Айтат арзын, муңун, сырын, өктөрүн.
Али көп деп акыл-эстин доoруна
Айыбы жетпей калган тилекке—
Адам мынча ойлой берет өткөнүн?

V

Адам мынча ойлой берет өткөнүн?
«Неге мында тигинттим?» деп ойжоруу
Каны менен тең айланып кеткенин
Туйбай өмүр сүргөнү го, болжолу.

Бир жылдары мен өзүмчө кайгырам
Кетсемби деп дыңга кулак укпаган.
Айтчевдер чыккан менен айлымдан
Аңыз болуп сүйүшкөндөр чыкпаган.

Үйлөнгөндөр толуп жатат жеримде,
Бир четинен болуп жатат балалуу.
Наал сулуунун тун сүйүүсү жөнүндө
Инилердин болду бекен кабары?

Лайли-Мажнун болушпаса болушпас,
Бирин-бири билсин, сүйсүн, сынасын,

Көңүл ишин жактырбоо да, жактыруу.
Аңыз сүйүү балким эми жолукпас,
Ой толготуп жайбас көккө кулачын
Толуш үчүн эртең нурга тагдыры.

## VI

Толуш үчүн эртең нурга тагдыры
Сансыз адам зор иштерге чыгынбас.
Чыгынбаса—болбос, демек, бактылуу,
Ысмы дагы алыс-жакын угулбас.

Улуулардын жүрөгүндө жанат күн,
Тилегинде кагып турат добулбас,
Сөздөрүндө—шуулдагы канаттын,
Толкун шары—жыйылбас да чогулбас.

Ким аларга кулак түрсө, берилсе,
Тирүүлүктүн түпкүрүндө маанини
Сезет эрте, максатына менимче
Жетет эрте, күчтүү болуп арымы,

Эл унутпайт көп сыр барын турмушта:
«Жакшы менен жолдош болсоң муратка
Жетесиң» деп кимдер айтып кеткенин.
Аалам кезип, өтөөр сөзү жылдызга,
Жетээр өзү жыргалчылык, ыраатка,
Пенде неге танат колу жеткенин?

## VII

Пенде неге танат колу жеткенин?
Тануу эмес—ал тим көңүл калуубу?
Көп кыдыруу бул өмүрдүн чектерин
Сынайт рухту, алсыратат карууну.

Ыйык нерсе аз эмес го турмушта:
Атаң, энең, жериң, досуң, сүйгөнүң...
Аларсыз да жетемин деп жылдызга
Эй, жаш курбу, жеңил ойдо жүрбөгүн!

Сизге болсо даңк, улуулук, атактын
Көптөн бери кереги жок, карыя.
Дал ошолор ичкүйдүлүк, чатактын
Башы экенин айттың калкка жарыя.

Ал кебиңе алаксыдык азыбыз.
Буруштубу башкалар да назарын,
Же лам дебей сырын ичке каттыбы,
Буркулдатып зор Турмуштун казанын
Улам алга жылат тура жашыбыз,
Болуш үчүн сансыз ирет бактылуу.

## VIII

Болуш үчүн сансыз ирет бактылуу
Туулуу керек ачык болуп бешене,
Далилденип кылган ишиң актыгы,
Мыктылыгы майдан, сапар, кечеде.

Көзүң түшсө жаш сулууга жайдары —
Темир мисал магнитке тартылган
Кучагыңа кирип келсе, кайра аны
Жактырбайсың, жандай көңүл калтырган.

Бакыт канча кур кыялды терметкен,
Өтөөрүбүз дайын ага тоюнбай:
Жаш баланын—«пулум болуп, эр жетсем
Жалаң таттуу жеймин» деген оюндай.

Тирүүлүктө туруго сый, жаңжал да,
Ар кыл ишке болоор башың кириптер,

Төмөн таштап булуттарды тыбыттай.
Туям өмүр өргө сүрөп жатканын:
Ошол асман-көпүрөдөн дилимде
Мен силерди алып өтөм жыгылтпай.

## XII

Мен силерди алып өтөм жыгылтпай.
Жолу менен кайберендин бийиктен.
Кыл чокулар анда бизди унутпай
Салам айтат кароолдогу кийиктен.

Тоолук калкым кең ачылган дарбаза,
Сөз кылбайбыз байкабаган тейде аны.
Меймандостук касиетин тандаса —
Баары болмок биздин элдин меймандары.

Кечип өтүп миң жылдардын дайрасын,
Сан кылымдын жебесине капталып,
Бир ууч калкым тапты кантип айласын,
Бир ууч элим калды кантип сакталып?

Анып баарын, архсолог, аныкта,
Икаячы, изилде да кириш, сен,
Толтурулсун илимдеги бул кемтик.
Качан, кимдер жашаганын тарыхта
Айт биздерге, окумуштуу, билип, сен.
Ошол кездин селкинчегин күүлөнтүп.

## XIII

Ошол кездин селкинчегин күүлөнтүп
Кана, абаке, келтир кептин оролун.
Балалыктын аланкөзүн сүрдөнтүп
Айтып бергин бабам Манас жомогун.

Курманбектин куу талаада өлгөнүн,
Кожожаштын камалганын аскага,
Жаныш-Байыш, Жаңыл-Мырза болгонун
Саймедире, санжыраңды таштаба.

Тырмактайдан куя берсе кулакка,
Анын баары канга сиңип сөз менен,
Ал бозулан чабыт таштап ыраакка
Жетпей тынбайт максатына көздөгөн.

Айттык муну көп мисалдан улам да.
Ач-жыңалач болгон менен жылдызга
Байкалбастан туташыптыр ой-максат.
Эрте таанып жакшылыкты улан да,
Балалыктан жол тандасын турмушка
Балык сүзгөн иримине бой таштап.

## XIV

Балык сүзгөн иримине бой таштап
Кана жутуп туулган жердин абасын,
Жүргөн кезде дүрт тутанып ой-чакмак
Кыдырасың кенен өлкөң арасын.

Сапарыңда дайра, көлдөр кезигет,
Калаа, чөлдөр, ак кайыңдар, эмендер.
Шалпар, абат, не керемет сезилет.
Кайда, чиркин, туулган жердей кенен жер!

Оо, чырагым, сен, сыяктуу жер чалып
Акылмандар эчак баарын изилдеп
Таразалап айткан кеби канчалык:
«Ар адамга туулган жери Мисир» деп.

Казан ас да туулган жердин суусуна
Насип болоор тамагыңды сал ага,

Жай берешен дасторконуң батыраак.
Көңүл бурба сыркоо атаң кырсына,
Сыйынды төк дос-жарыңа, агаңа,
Улууларга салам айтып жадырап.

## XV

Улууларга салам айтып жадырап
Эртеңкиңе сергек көчөт жаш курак.
Улууларчы? Көңүл бөлүп азыраак
Жаш мүдөөсүн туя алдыбы жакшылап?

«Биздин кезде андай элек, буларчы? —
Дей бергенден,—мындай дагы тигиндей...»
Тажатмага такалбасын жыл арты
Сыйлабастык баш көтөрүп билинбей.

Жаштын дагы сезип дээрин, чамасын,
Түшүндүрүп айткан оң го акырын.
Кантип досум, парыздыгын танасың,
Алып калуу аталардын акылын?!

Адил кебин айтып турса ветеран:
Аталары майданда өлгөн балдардын
Көзүндө жаш. Таноого мш киргенсип.
Жаштык, сен да жолуң менен кет анан,
Суктан (албай көңүлгө мындай-андайды)
Селкилерге кийим кийген түрлөнтүп.

## XVI

Селкилерге кийим кийген түрлөнтүп
Көзү сокур кадабаган каректи.
Көрктү сүйүү жаштык менен бир бөртүп
Жакшылыктан берип турат даректи.

Пери кыздын тал чыбыктай денеси
Көңүлүңөн чыкпай койсо уялба.
Жаштыктагы бир сулуунун элеси
Дале жарк деп келип жүрөт кыялга.

А сен, бийкеч, артыӊ жалтак каранбай,
Туя билгин бул күндөрдөн утурум:
Жалаң гана тандалууга жаралбай,
Тандоого да бар экенин укугуӊ.

Сүйүү — кеме, олтурушуп эгизден
Маашырланып эркеликтен кебине
Мамилелер токоюна жол баштап;
Сүзүп өтүү бууракандуу деңизден.
Тирүүлүктүн кайткыс аркы чегине
Бир жалт карап, чочугандай ой таштап.

## XVII

Бир жалт карап, чочугандай ой таштап:
«Өттүң жашап, анда кандай бар маани?»
Деген собол, деген нуксуз ой-каскак
Жок, боло албайт ойчул жүрөк арманы!

Пендең бар го, келгенине сүйүнбөй,
Ана, мына кетемин деп күйүнгөн.
Жашоо керек алаксыбай, бүлүнбөй,
Ар бир күнду чечип жалпы түйүндөн.

Жасоо керек жакшылыкты кол менен,
Сүргөн күндөн табуу керек зор маани.
Басуу керек тирүүлүктөй жол менен,
Кийин-соңдо калбас болуп арманы.

Балдарыма мурас кылам ушуну!
Турмуш, ырас, тилек мисал түз эмес,

Учу барып чер-токойго жашынат.
Тыянагы бул жашоонун жупуну.
Орто жолдо бирок мөгдөөр биз эмес!
Ошол ойдон корко түшүп азыраак.

## XVIII

Ошол ойдон корко түшүп азыраак
Оодум кээде мен да оңой жагына.
Түрмөк сонет бир киришсең жазылат
Деген сырды чыйратыпмын сабыма.

Түрмөк сонет — дымып аккан дайра экен,
Бүйүзүнөн өйүзүнө өт сүзүп.
Күч коробос оңой оокат кайда экен?
Мыш кылбасын орто жолдон чөккүзүп!

Бул тарапка байлап тордун бир учун,
Бөлөк учун аркы жээкке жеткирсең,—
Демек, ошол аракетиң, үлүшүң.
Торум суудан куру чыкпайт деп бил сен.

Зор ишеним уяласа жүрөктү,
Арсарлыктын чабалданып чамасы
Булут мисал асманыңдан сүрүлөт.
Эс ал бир аз, бошот жиптен билекти.
Көз чаптырып аркы жээкке карачы,
Мажүрүм тал неге суугa үңүлөт?

*Малеевка, 1983.*

## НААЛ МАХАБАТЫ

*(Драмалуу поэма-мистерия)*

Ак-Буура боюу Төлөйкөндүк Берикбай жамакчы беш-алты жашымда зээнимди байкап, өзүнүн бир топ ырларын үйрөтүп коюптур. Маанисине түшүнбөсөм да безилдеп ырдай берчү экем. Анан калса ошол согуштан кийинки жылдарда чоң кишилерде балдарга өзгөчө бир үйрүлүп түшмө мамиле болоор эле. Көргөн жерден «ырдап бер» деп кармап алышып, мүдөөсүн аткарсаң пулу барбы, базарлыгы барбы, той-топурда отурса колдогу жилигин кармата салышчу.

«...Куйругун булактатып келет жылды-ыз!..

...Куйругу чамгарактап өттү жылды-ыз!..

...Кайрылып келет ошол кеткен жылды-ыз!..»

...Бир ирет үйрөткөн ырын ушинтип бебиреп жүрсөм, Берикбай абам угуп:

— Бул куйма кулакка Наал эжесинин жомогун айтып берейин чыгынып,— деп жаткан.

Чыгынып айтып бердиби, жокпу, эсимде так сакталбаптыр. Эрте көз жумган абанын кадырын минтип кеч билип жатпаймбы. Ошондон уламбы, Наал сулуунун баяны эсиме тартылып, кандайдыр бир бүшүркөө окуя сезимимде ойноду да колго калем алдырды. Бул поэманы таптаза болмуш деп да, же акындык эргүүдөн жаралган фантазия деп да айта албайм. Тим гана кыргыз айылдарында ырчыны баалаган калктын кадырманы болуп жашап өтүшкөн Берикбай абабыз сыяктуу адамдарга коюлган гүлдесте катары болсун.

Миң жыл илгери өткөн ушул баянга кыргыз урууларынын биринин башчысы Тартар, анын агасы Омогой, карындашы Наал, булардын аталашы Муңзак, билерман Зүкө, анын зайыбы Саргылаң, туткун жигит Зардал, бир көрүнүп кала беришээр Соодагер, Тың жигит, Бош жигит сыяктуу болмуш кейипкерлер катышат.

Окуянын дагы бир катмарын Теңир уулу Теңирзада түзөт. Бул мифий да, шарттуу да кейипкердин айланасына Қайберен, Будайык, сүйлөөчү декорациялар топтолду. Байыркы адамдардын айлана-чөйрөгө болгон көз карашы, табийгаттын каардуу күчтөрүнө, «ыйык» деп аталган нерселерге ишеними тууралуу ой жүгүртүү максатында авторго кызмат кылып берсин үчүн ушул мифий катмар пайдаланылды.

Эмесе, урматтуу окурманым, назарды окуяга бур, мен ишиме киришейин.

## Башталыш

Башына жашымтыл таажы кийип, көгүш көйнөк-дамбалчан Теңирзада колундагы жемиштен улам оозуна салып коюп, аска таш минип отурат. Таш түбүндө Қайберен, Будайык.

Т е ң и р з а д а:

Жерге неге келгенимдин себебин
Шашпай айтып берейин.

Қ а й б е р е н:

Теңирзада, азыр айт.
Угууга өтө куштарбыз.

С ү й л ө ө ч ү  д е к о р а ц и я л а р:

Теңирзада, азыр айт,
Айтканда да казып айт!

**Будайык:** *(өзүнчө)*

Ысык кан чокубаса,
Аның эмнеси кызык...

**Теңирзада:**

Бир күнү эле кечинде
Теңир атам айтат Теңир апама:
«—Жоокер өспөй уулуң болду атала.
Аталаны Теңир эне-аталуу
Болоор чуудан алысыраак каталы!»
Апам сурайт:
«—Ботом, аның кайсы чуу?
Таттуу күнгө айгак болгон эмне ачуу?»
Жооп угат:
«—Башка дүйнө тараптан
Атты мээлеп бизди коңшу Жараткан.
Кайра өзүнө ыргытамын тымызын
Куйругунан бурдап аткан жылдызын.
Келет уулуң ошол уу-чуу басылса,
Жер тарапка бара турсун азырча...»
«—Уулум жаш да!»—деп апакем чыркырап
Муну укканда ыйлап алды буркурап.
Атаң айтса, «Барбайм!» дешке ал барбы,
Билдиңерби кантип келип калганды?

**Сүйлөөчү декорациялар:**

— Билдик, Теңирзада, билдик...
— Түшүндүк шартыңа...
— Апе-ей, асманда да
Тынч турмуш жок тура!
— Биздин Теңирден башка да ким дейт?
— Кошуна Теңир деп жатпайбы!
— Кошуна Жараткан деди...
— Биздин Теңирди жаратканбы ал?
— Чокуңду... Мээси кем!..

—Сеники эле мол болуп бөлүшүп жаттың беле?
— Эй, чиш! Кеп угузгулачы!
— Чш-ш!

Теңирзада:

Зеригип өлөт окшойм мында жүдөп,
Таймашы аталардын качан бүтөт?
Оюну аталардын бүтөт качан?
Болбосо мен да жерде таймаш ачам!

Сүйлөөчү декорациялар:

— Жан соога...Теңирзада!
— Аясыз да биилигиңдебиз го?..
— Пейлиңден кайт...

Теңирзада:

Кандай кылам, кандай коём,
Өз ишим!
Ар бириңдин керек муну билишиң!
Ээ, Кайберен!!

Кайберен:

Мен белен!

Теңирзада:

Тапшырма берем!
Шамалдай уч, куюндай жел!
Бир урук журтту азгырып
Тетиги түзөңгө алып кел...
*(Кайберен кетет).*
Эй, Будайык!

Будайык:

Мен дайын!

Теңирзада:

Дайын болсоң жакшылап ук!
Деңиз кылаасынан бир кошуун колду
Тетиги түзөңгө ээрчитип чык!

Будайык:

Ачууланба өңүңдү бузуп,
Азыр эле жетем сызып.
Зериктим деп жатасың,
Ысык кан чокубаган соң...
Анын эмнеси кызык?

Теңирзада:

Кечээ күнү
Эки уюк кумурсканы кармаштырып,
Кызыгына баттым.
Тим эле кырчылдашып алышты,
Бирин-бири кырып салышты.
Кымындай жандарда
Тоодой өжөрдүк барына
Түнү бою күлүп жаттым...
Тирешип, жаакташып туруп жан беришти
Байкуштар...

Будайык:

Салмагы жок кылча
Кумурскалардын кармашы ыраазы кылса,
Анда көрө элек экенсиң
Арыстандардын айбатын,
Жер дүңгүрөткөн пилдер кармашын.
Бирок, ысык кан чокубаган соң
Анын несі кызык?

Теңирзада:

Дале мындасыңбы?
Жөнө тез, куйругуңду кысып!

Анакей,
Кетти бул да деңизге сызып!
Аа-а-ах-хаа!
Эстеп эле калыпмын,
Эми кантсем?

### Чиеленишүү

Түзөң.

Т а р т а р:

Оой, Омогой! Оо, Муңзак!
Бери тарткыла, бери!
*(Омогой, Муңзак киришет)*
Кумга сиңген суудай житти да калды...
Бир шарпасы барбы деги?

О м о г о й:

Не айтаарды билбей турам өзүм,
Мындай шумдукту көрбөгөн көзүм.

М у ң з а к:

Кайран гана сая кууган эмгегим,
Бир ирет жаа чойгонго келбедим!

Т а р т а р:

Ушул чеңди карап-нетели,
Болбосо жолубузга кетели!

О м о г о й:

Токтогулачы!
Кобур-шобурду угуп жатасыңарбы?
Ойей, бизди...
Чоочун кол тегерете курчап калган тура!
Эмне дейсиңер буга?

Т а р т а р:
Кантмек элек,
Кас калса ороп?
Кетсин мейли өмүр короп!
Кагышабыз! Кармашабыз! Чабышабыз!
Кылаар айла ошол болот!
*(Серепчилеп).*
Биз үчөөбүз,
А булар жаат кол...
Мындайда Муңзак, тапчы элең го жол?

М у ң з а к:

Ооба, тапчы элем... Эми да табам.
Ушу бир нерседен эле тынбай турат санаам...
Кармайбыз деп эликти,
Тилеп алдык тарткылыкты,
Көрмөй болдук көргүлүктү.
Кантсе да мында бир сыр бар...

Т а р т а р:

Ой, адатынча
Ой атасын оморуп кирди го бу дагы.

О м о г о й:

Антпе, Муңзак, -
Жоонуп айласын кылалы!
Бир журттун ишенгени үчөөбүз.
Үчөөбүз тең мертинсек,
Биротоло бүтөбүз.
Урууну уруксуз,
Урпакты үмүтсүз калтырабыз.

Т а р т а р:

Омогой ага,
Оюңду так айт!
Анда эмне кыл дейсиң?

Кастан жан соогалап
Бир жолкуга кан сурайбызбы?

Омогой:

Каныңды кызытпа, Тартар!
Жан соогалап, кан сурагандай
Айыбыбыз жок!
Көңүлүбүз ток!

Муңзак:

Сөзгө ийилбеген
Кылычка кыйылбайт!
Билели булардан,
Бизге кас болсо мүдөөсү эмне?
Арабасын талаага таштаптырбызбы?
Арпасын кам оруптурбузбу?
Же кызын алдап боозутуп коюптурбузбу?

Тартар, Омогой:

Туура кеп... Ак сөз!

Муңзак:

Барайын да башчысын кеңке алайын!
Адамын иликтеп, күчүн чалайын.
Жаалын, ырабдайын карайын.
Силер мында абайлагыла, аярдагыла,
Жекеге дечүү болсо,
Анысына мени эле даярдагыла.
Кеттим анда!

Тартар:

*(Муңзактын артынан узата тиктеп).*
Агамсың, Омогой.
Качан да болсо сөзүңдү угайын.
Бирок, ушул ирет жекеге
Мен эле чыгайын.

Омогой:

Сен эмне деп турасың?
Жанындан тойдуңбу, Тартар?
Окус бир боорумдан айрылып
Калсам кантет канатым кайрылып?
Уруу башчынын жаны уруунун жаны,
Уруу башчынын каны уруунун каны!
Унутпа, сен аны!
Чын эле жекелешмей башталса
Жетип барба дагы!

Тартар:

Эмне?
Иниңден кезекти өзүң алайын деп турасыңбы?

Омогой:

Кичүүбүз Муңзак сурапып турса,
Сакалым сүйрөп мен чыкмак белем?
Айтаар кебиңди ойлоп сүйлө!
Ошондон соң
Кайсы бетиң менен барасың үйгө?

Тартар:

Мени уруунун башчысы деп түшүрбөсөң,
Өзүң сакалыңды шылтоолоп аярдансаң,
Анда аталаш тууган,
Алыс тууган
Муңзак жекеге даярдансын!
Ушундай эмеспи мүдөө?

Омогой:

Мен Муңзакты сенден кем көрбөйм,
Аталаш деп да бөлбөйм.
Антсе да агаңды кордобо!
Аталашты колдобо!
Билсең...

Муңзакты ийге мен келтирип
Уруу башчылыкты сага алып бердим.
Ушунча жыл дурус эле
Убайымыңды тартып келдим:
Сен бөктөрө качкан кыз кайнына кызылым,
Сен мертинткен эр кунуна алтыным кетти.
Ошонун баары сени миңтип
Көптүрдү.
Тепти!

Т а р т а р:

Кас ороп турган учурда
Ушулар сен айтлар кеппи?
Бир уяда чоңойдук эле,
Ичинде ийри жыланың бар белем...
Эмелеки сөзүңдөн
Дүркүрөп кетти денем!

О м о г о й:

Дүркүрөй турганып айта элекмин али!
Сени тил укпас, кежир деп
Жактырбай калган уруунун баары.
Кайрадан Муңзак башчы болот,
Андыктан
Кимдин ким экенин айра тааны!
Тилимди алсаң...
Жекеге жумшап
Мертиндирип керек аны!

Т а р т а р:

Эмне-е?!
Токтот!
Айткан кебиң атылган ок!
Бузук оюңдан кайтпасаң,
Эмелеки сөзүм калп болчу деп
Карганып касам айтпасаң!

Анда элеби...
Дегеле сендей тууганым жок!

Омогой:

Эй, арсыз!
Тууган чанышты сага ким койду?
Дүркүрөй турганды айта элекмин дебедимби!
Келесоо!
Ук эмесе!
*(Мүнөзү бир башкача өзгөрүлүп, калчылдап-титиреп, инисинин эки жагына улам өтүп)*
Муңзак... ала жипти аттап
Аялыңдын койнунда!
Сен, дардаңкөй,
Ага төшөнчү, анан тепкич болдуң да!
Ошону билбей жүрсөң билип,
Көңүлүңө илип,
Агаңа ошондон кийин атырыл!
Душманыңды кандай сүрсөң андай сүр!
Кеттим кашыңдан!

Тартар:

Чын эле кылчайбай кетти...
Бул эмине болучу?
Бул—башымдан бак-дөөлөт качканы,
Шарабым ууга алмашканы,
Жайлоом тарып коо болгону,
Жайытым тарып жар болгону,
Асыл жаным кор болгону.
Оо, Омогой!
Ойрон кеп айткан бир тууган!
Оо, Муңзак!
Сен чын ушундайсыңбы, ант урган!
Башымды кайда катам?!
Кайда-аа?

Токточу... Таптым!
Кылычка тосом!
Арбакка кошом!
Шертим ошол!
*(Муңзак кирет).*

Муңзак:

Булардын башчысынын кушун
Бир Будайык ушунда ээрчите качыптыр.
Ошону бизден көрүп жатыптыр.
Тим эле
Же кушумду тап,
Же башыңды тос деп
Маземди алды.
Берээр жоопту күтүп
Тиги тайпаңда калды.

Тартар:

*(Өз оюнан эми гана ойгонуп)*
Эмне дедиң?
Кушумду тап дейсиңби?
Башымды тос?

Муңзак:

Өң-алеттен кеткендей
Сага эмне болду, Тартар?
Омогой кана?

Тартар:

Омогойбу?
Аны... артка жөнөттүм,
«Кол баштап кел,
Жигиттерден мол баштап кел» деп...

Муңзак:

Мунуң дурус акыл.

Бирок... тигинде зыкылдатып
Жооп күтүүдө душман-бакыл!

Т а р т а р:

Ээрчиткен кошунубуз жок,
Андыктан башчысын жекеге чакырам.
Кылычташса, анысына кайылмын.
Найзалашса, найза менен качырам.
Жооп ушул.
Айт барып, Муңзак!

М у ң з а к:

Жообуң жакшы экен!
Бирок, сенин жаның уруунун жаны,
Сенин каның уруунун каны,
Унутпагын аны!
Бул ирет жекеге мен чыгам!

Т а р т а р:

Эртеңки күнүңдү ойло!

М у ң з а к:

Намысты тепсетпейм, жыгам!

Т а р т а р:

Каска алдырып койбо?

М у ң з а к:

Сөз бир. Кармашып тынам!

Т а р т а р:

Даңкка сүйүүнү алмашасыңбы?

М у ң з а к:

Сүйүү кармашта дем берет да!

Т а р т а р:

Ооба!
Сүйүү — керемет нерсе,
Акылманды акмакка айлантат,
Тууганыңа душман кейпин кийгизет,
Жүрөгүңдү тилип туз салат,
Жүзүңдө жуулгус көө калат!
Кош, Муңзак!
Жекеге мен кеттим!
Артымдан барба!

М у ң з а к:

Тартар! Кайткын!
Сени жекеге жумшап, мен урууга кантип барам?
Бул эмне-ең, Тар-та-ар?!
*(Серепчилеп карап, алаканын шак коет)*
Атына шап минди...
Куюндаткан бойдон кетти...
Анакей, тайпаңга да жетти,
Найзасын маштады.
Кыйкырышып сүйлөшө баштады.
Качырышып кириште...
Карап турган эл түңүлгөндөй жандан.
Ка-ап!
Эчтеке көрүнбөй калды чаңдан!
Эмне кылсам!
Артынан барсамбы?
Же алдынан тосо чыксамбы?

Ү н д ө р:

Башчыбыз кулады!
Зардалдан айрылдык!
Качкыла!
Кырып келатат!
Жоюп келатат!
Жан соога! Жан соога!

*(Ат туягы дүңгүрөйт. Оң колу менен бөйрөгүн мыкчыган Зардал келет. Муңзакты байкабайт).*

З а р д а л:

Бетсиз гана айбандар!
Мен жараланаарым менен...
Жандарын ала качышты.
Өх-х... Жараатым!
Күнөө өзүмдө.
Курамадан кураган, уламадан улаган кошун.
Билгем булардын жүүнү бошун.
Биринчи сыноодо таруудай тыркырады.
Болгондо да жалгыз адамдан.
Өх-х... Жараатым!
Оозум курган,
Кыялга келбес чексизди көздөй учуп
бараткансыйм.
Эх-х... Зардал! Арман дүйнө...
*(Эсинен танып жыгылат).*

М у ң з а к:

Душмандын башчысы го?
Найза чала тийип аттан учкан тура.
Кой, жараатын таңайын.
Эсине келсе туткундап алайын.
Атка жүктөп айылга алып барайын.
*(Жараатын таңып, тамырын тыңшайт).*
Каны токтоду.
Дем алганы сергек,
Эсине келет окшоду...
Тартар болсо эми жеткирбейт.
Ар качандан бир качан
Душманын үйүнө киргизе куумай адаты.
*(Ойлуу ары-бери басат).*
Дайым тилимен чыкчу эмес.
Бул жолу тилимди албады...
Негедир кекерлегендей, күнөөлөгөндөй болду мени.

«Даңкка сүйүүнү алмашасыңбы?»—десе,
Мен: «Сүйүү кармашта дем берет да!»—дедим.
Ошондо көздөрү канталап кеткенсиди.
Ооба... Ооба!
Ошондо көздөрү тимеле канталап кетти.
Колу калчылдап турду.
Жанагы жаалдуу сөзүн ошондо айтпадыбы,
Оң бутун мына бул ташка коюп туруп,
Бүркүттөй болуп
Мени тик карап туруп:
«Ооба!
Сүйүү — керемет нерсе,
Акылманды акмакка айлантат,
Тууганыңа душман кейпин кийгизет,
Жүрөгүңдү тилип туз салат,
Жүзүңдө жуулгус көө калат!
Кош, Муңзак!
Жекеге мен кеттим!
Артымдан барба!!»—деп туруп,
Куюндатып чаап кетпедиби.
Бул эмнеси, ыя?
Мында да бир сыр бардай...
*(Зардалды сүйрөп жөнөйт)*.

## Дагы башталыш

Ээндик. Теңирзада, Кайберен, Будайык.

Т е ң и р з а д а:

«Бир ишти баштабагын,
Баштаган соң арабөк таштабагын» деп
Теңир атам какшай эле берет,
Акшай эле берет.
Ошентип...
Тартарды Омогой, Муңзак менен кагыштырдым

Зардал менен чабыштырдым
Үч туугандын арасын жарып тындым.
Омогойдун башына опуртал ойду салдым эле,
Күчөп кетти кайран неме.
Эң кызык жери:
Омогой үйүнө келип,
Жигиттерин Тартарга жиберип,
Өзү жылкы четинде таарынып жаткан жеринен,
Ха-ха-ха! Хо-хо-хо! Ой ичим!
Капшыттагы душмандары келип
Жылкысын айдап,
Өзүн байлап кетишиптир
Кыл чылбыр менен белинен.
Ушундай да кызык болот экен ээ?
Анын байлалуу баратканын жолдон көрдүм.
Эмне болоор экен деп
Мында келдим.

*(Ээндиктин экинчи четинен Наал чыгат).*

Н а а л:

Оо, Жараткан!
Кудурети бийик Теңри!
Ичинди сал кеңири!
Уга көр зарлаган кебими,
Эсен кыл Тартарды,
Аман кыл Муңзакты,
Омогойду душман колунан сууруп бер,
Кастын кайнатып шорун кууруп бер!
Оо, кудурети бийик Теңри!

Т е ң и р з а д а:

Хе! Атама жалбарат,
Ал утуп коё тургансып.
Бир журтка жакыныраак,
Башкасына алысыраак туугансып!
«Тең-теңи менен.

Тезек кабы менен» деп апам айткандай,
Теңирдин иши Теңир менен,
Кумурсканын иши кумурска менен да!
Ха-ха-ха!
Бул кызбурак да оңой эмес экен,
Бая Омогойду байлап баратышса,
Мынабул узун чачын түйүп,
Зоот кийип
Чыкты эле жолго,
Туугандары токтотуп калды окшойт араң-зорго.
Жаш неме экен.
Жакындан көрөйүнчү.
*(Алды артына өтүп айланчыктап суктана карайт).*
Мен аны көрүп турам,
Ал мени көрбөйт.
Кызыктын баары ушунда да.
Биз, Теңир уругу, баарын көрүп турабыз,
Башкалар бизди көрбөйт!
Ие, жылдыздуу неме тура...
Жүзү булуттай ак,
Кашы калем менен чийгендей экен.
Көзүчү?
Кайнар булак, нур булак го көзү.
Мурду кашыктай,
Оймоктой экен оозу.
Дал апам шыпшынып сыпаттап калчу
Теңир кыздарынан кем эмес тура.
Көргөн жан суктанбай койбойт буга.
Ушул Жерде турганда
Сага көп жолу кайрылам, сулуу!
Ага чейин аман бол!

Н а а л:
*(Бир нерседен шек алгандай айланасын каранат).*

Сөзү угулгансыйт, өзү жок.
Бул эмине болучу?

Албарсты шуштип басуучу.
Жин-шайтан минтип тооручу.
Оо, Жараткан!
Адашкан болсом көзүм ач!
Абаларым Омогой, Тартардын жолун өзүң ач!
*(Аңкайган Теңирзаданын алдынан акырын басып кетет).*

Теңирзада:

Булуттай ак жүздүү,
Булактай нур көздүү,
Сулууну суйкайган,
Көрдүм мен бул жайдан.
Ла-ла-ла, ло-ло-ло!
*(Тегеренип, ыраттуу кыймыл жасап бийлейт).*
Маңдайы нур чачкан,
Кареги сыр чачкан,
Сулууну суйкайган
Көрдүм мен бул жайдан.
Лө-лө-лө! Ле-ле-ле!
Эй, Будайык! Эй, Кайберен!

Будайык, Кайберен:

Мен дайын! Мен белен!

Теңирзада:

Экөөң эки жаныма токтогула,
Мени коштогула!
Артта калбагыла,
Алдыга да ашпагыла,
Шашпагыла!
Ырдап-бийлейбиз!
Кеттик!
Жүз, миң, он миң!

Үчөө:

Булуттай ак жүздүү,
Булактай нур көздүү,

Маңдайы нур чачкан,
Кареги сыр чачкан,
Сулууну суйкайган,
Көрдүк биз бул жайдан.
Ла-ла-ла! Ло-ло-ло! Ли-ли-ли!

Будайык: *(четке)*

Ысык кан чокубаса,
Мунун неси кызык!

Теңирзада:

Бул журт ушу ченди жайлап турсун,
Өз жининде өзү кайнап турсун.
Биз башка тарапка баралы,
Дагы башкача оюнду салалы,
Кумардан каналы!
Туурабы, досторум?

**Дагы чиеленишүү**

Айыл. Үйлөр. Муңзак, туткун Зардал.

Муңзак:

Кайберенди кууп барып
Кашайып кала жаздык.
Анybыз кылат бизге аздык.
Бир ишке баратып,
Башкасына алаксып
Өзүбүз чеки бастык...

Зүкө:

Ошентсе да олжо менен келипсиң,
Унутуп кайберен капшабын.

Омогойду го алдыга жиберипсиң,
А Тартарды кайда таштадың?

Н а а л:

Тартар кана, Муңзак аба?

М у ң з а к:

*(Туткун Зардалды көрсөтүп).*

Муну аттап жыга сайган Тартар,
Бир кызып алган соң
Тарттарбы артына кайтаар?
Касты кууган бойдон кеткен, айтор...
Жоолошкондон таппадык го пайда.
Жиберген жигиттери жолдон кезикти,
Омогой өзү кайда?

З ү к ө:

Теңирдин ачуусуна тийгенбизби,
Же бүгүн кийимди тескери кийгенбизби,
Капшыттагы кас жылкыны жайлап,
Омогойду кетти байлап!
Арачалай албадык артынан жетип,
Жылкычынын баары силерге кетип!..

М у ң з а к:

Эмне дейт, ботом?

Н а а л:

Бул чындык!
Абакемди жылкы четине
Шайтан гана азгырып айдап барган.
Жанында жүрчү куралы
Болбосо неге
Боз үйгө сүйөлгөн бойдон калган?

М у ң з а к:

Бул не деген жапайы кырсык,

Эр ээрде, кылыч колдо турса?
Анан эле эт кайнамда
Тагдыр ойт берип жүзүн бурса?..
Күнөөгө баттыкпы бир?
Бейпил турмуштан көптүкпү?
Калпыс Ай-Күндү сөктүкпү?

Зүкө:

Зайыптар таңдан туруп,
Жартысы бээ саап,
Жартысы таар куруп,
Калганы тамак-аш кылып,
Эркегибиз ээрде элек.
Анан чагылган түштү да калды,
Таңдагы күлкү, түштөгү кайгы...

Наал:

Омогой абам жолдобу,
Же карышкыр камаар ордобу?
Кеңешип эле албаса
Эки жактан эки жоо
Бир күндү кантип болжоду?

Муңзак:

Капаланба, Наал!
Тартар келсин,
Омокемдин айласын кылабыз.
Болгон колду жыябыз,
Капшытты бизге көз арткыс кылып тынабыз.
*(Зүкөгө).*
Бул туткунду сен тейлет, Зүкө!
Жараатын кайра таңдыр,
Аягына кишен салдыр.
Куну төлөнбөсө кул,
Куну төлөнсө элине кетет бул.

З ү к ө:

Тартар сыңдуу тартайган неме экен.
Таалайынан көрсүн эми.
Мунуң тил билеби, жокпу?
Эй, бизче сүйлөйсүңбү?
Билбейт окшойт?

З а р д а л:

Кожмйеблиб!

З ү к ө:

«Бышыңа түшсө, байтал ат» дейт,
Үйрөнүп аласың.
Кана, бери болчу,
Сактыкта кордук жок,
Кишенди салып коеюн.
Ии, эми кайда бассаң өз эркиң,
Жыргап жүрө бер, оенум.

З а р д а л:

*(Бутундагы кишендин күчтүүлүгүн сынап көрүп).*

Абоо, мйагрыж.

З ү к ө:

Ошент. Өз тилиңде сүйлөп коюп
Жүрө бер.

М у ң з а к:

Биз ичкери кирели,
Тартарды күткөнчө кеңеш куралы,
Аксакал, көксакалдын жүйөсүн угалы.
*(Кетишет).*

Н а а л:

Чыкпачудай эч майнап
Кайгым менен капамдан,
Кой, кабар алайын апамдан.
*(Колуна көөкөр, түйүн кармаган Саргылан кирет).*

Саргылан:

Наалтай, Тартар абаң таалайлуу,
Келээр жолун карайлы.
Омогойдуку кыйын болду,
Тартты го эмгиче бир топ шорду.
Туткун дегени бул зоңкойгон неме го?
Карап отурбайбы жалдырап
Биздин колду
Бейтаалай шордуу.
*(Зардалга).*
Ме, карма да,
Мобул суусунду жут,
Мунусун же.
Тирүү калыпсың,
Ошого шүкүр де!
*(Зардал апсыга тамактан жеп, суусун бир жутуп коёт).*

Наал:

Өзөөрүп калган го?

Саргылан:

Өзөөрбөй анан.
Жараатынан кан көп кетиптир.
Карачы, найза бөйрөк чеңди жырып өтүптүр.
Жыгылып калбаган кыйындыгын айт.
Кармашса он жигитке татыр,
Кебетеси баатыр...

Наал:

Баатыр болбой бамыраи калсын!
Тартар муну жыга сайбаса,
Бул Тартарды саймак.
Анан эркегибизди кул,
Ургачыбызды күң кылып

Жөнөмөк айдап...
Андыктан мындай немени
Орго салган оң, байлап!
Саргылан эже, мен барайын,
Сүйлөп ийдим ичтеги кегим кайнап...

Саргылан:

Барагой, барагой.
Айтса, айтпаса төгүнбү?
*(Зардалды чочуй карап көөкөрү менен түйүнүн алат).*
Эңгезердей эмени
Кантип карап, тосоюн.
Кой, жылкычыларга кошоюн,
Ошондо көнсүн,
Ошолор жегенден жеп,
Көргөндү көрсүн.
*(Зардалды ишарат кылып ээрчитип кетет. Эки жактан эки жигит келет).*

Тың Жигит:

Оо, сүйүнчү эле сүйүнчү!
Тартар абам келатат!

Бош Жигит:

Ошолбу, ол эмеспи?

Тың Жигит:

Сүйүнчү эле сүйүнчү!
Тартар абам келатат!
*(Бош жигитке карап).*
Эй, Болбурбай,
Жок дегенде сүйүнчү алганча кармана турчу!
Кап, сеники өттү!
Оо, сүйүнчү эле сүйүнчү!
*(Ичкериден Муңзак, Зуко чыгат. Наал келет.)*

Муңзак:

Сүйүнчү айткан оозуңа май!
Жылкымдан тандап алгын бир тай!

Тың Жигит:

Соо болуңуз, Муңзак аба!

Бош Жигит:

Бирөө келатат.
Олбу, ол эмеспи?

Тың Жигит:

Ол болбогондо сенпи чокуң дейсиңби?

Бош Жигит:

Жакын келгенде
Таанып туруп, анан сүйүнчүлөш керек.
Олбу, ол эмеспи?
*(Соодагер кирет).*
Мына айтпадымбы!
Соодагер экен...

Баары:

Тартар эмес экен!
...Соодагер экен!

Соодагер:

Малыңар аманбы?
Төлүңөр түгөлбү?
Чамгарагыңар көктөбү?

Муңзак:

Саламыңа алик,
Ниетиңе ыраазыбыз,
Соодаңа калк көптөн зарык.

Эми... жолуңдан не жакшы,
Не жаман көрдүң?
Ошону өз оозуңдан уксак дейбиз,
Жаңылыгыңдан бөлгүн.

Соодагер:

Бул Тартар баатырдын урууcубу?

Муңзак:

Дал өзү.

Наал:

Тартар абам тирүүбү деги?

Зүкө:

Билсең бачым айт, жакшы адам!

Соодагер:

Иш чатак.
Бул Тартардын аманат каты
Мага жаздырган силерге атап.

Муңзак:

Окуп бер, кулак түрүлүү.

Соодагер:

*(Катты кыраатты менен окуйт).*

«Агаларым Омогой, Муңзак!
Кара чечекей карындашым Наал!
Кадырман Зүкө!
Силерге айтар керээзим бар.
Бир адамга кең дүйнө
Мага минтип тар.
Андыктан башымды кылычка тостум эле,
Кыя албады.
Тирүү калдым.

Уккула!
Омогой, сен бийликти жакшы көрөсүң,
Уруу башчылыгын сага берем!
Муңзак!
Сага токол болсун менин зайыбым—жеңең!
Наал! Садагам! Сөзүмдү ук!
Көңүлүң каалаган гана адамыңа чык!
Болбосо эрсиз өт!
Зүкө!
Энемди эч нерседен кемчил кылба!
Ирегелеш кон, кашынан жылба!
Кайгыга батып калтаарыган,
Өз журтунда өзүн артыкбаш сезген,
Убайымда жүрөгүн эзген,
Дүйнө кезген
Тартардан!»

*(Тургандар чуркурап жиберишет).*

Муңзак:

Оо, карангүн!
Уруунун баары бел тутса,
Бу Тартардын кандай жоругу?
Жин-эпкин тийип кеттиби,
Болбосо катуу оорубу?!
Тангын деп керээз-антынан,
Жөнөйбүз издеп артынан!

Соодагер:

Тартардын дени-жаны сак,
Алдында ат, колунда кылыч,
Кыйын го эми тизгинин буруш...
Мен аманат карызымды өтөдүм,
Эми жолума кетейин?

Муңзак:

Жаңылыгың жагымсыз экен.
Жакшы күндөрдө жадырап келип

Жай конок болуп жүр.
Соо бол, узак өмүр сүр!

*(Соодагер кетет).*

Н а а л:

Кайгы шор-үйгөн кабакка,
Бул кандай күн эле абаке?
*(Муңзакка боюн таштап өксүп ыйлайт).*

М у ң з а к:

Башым маң,
Акылым айран-таң...
Сабырдан башка арга жок!
*(Наалды жетелеп кетишет. Эки жигит гана калат).*

Б о ш  Ж и г и т:

Тандаган тайың канаке?

Т ы ң  Ж и г и т:

*(Тигинин мурдуна муштумун такап).*

Мынаке!

## Үчүнчү башталыш жана дагы чиеленишүү

Талаа. Теңирзада, Кайберен, Будайык. Көгүш жарык түшөт.

Т е ң и р з а д а:

Көк менен Күн мейкининде бул аалам,
Бул ааламды Ата-Теңир сураган.
Кудурети, эрки менен жасаган,
Ойлогусун колу менен кураган.
Бүт кликтеп жакынын да алысын
Аалам түзүү түйшүк болгон ал үчүн.
Буга кубан, буга кайгыр деп айтып

Бөлүштүргөн барысына барысын.
Өссүн үчүн топуракка дан салган,
Аксын үчүн кан тамырга кан салган.
Күн көрсүн деп кумурскага, пилге да,
Жаанга да, чаянга да жан салган.
Суктантсын деп көрктү гүлгө жасаган,
Нур чачсын деп Айды түнгө жасаган.
Унут кылбай кымындай да нерсени
Тегиз карап тирүү дүйнө жасаган.
Теңир атам түзгөн Жерге келип мен
Жалгыздыктан жапа чегем неликтен?
Салган мени дүрбөлөңгө, түйшүккө
Наал сулуунун келбетиби келишкен?
Ошол чырай, ошол ажар ким үчүн?
Же туйдубу табиятым жынысын?
Наал ичинен жактырганга Зардалды
Ичим түтөп жатат окшойт тымызын?..
Наал сулууну көргөн кезде мен алган
Ал Зардалга душман болчу эң алгач.
Женил ойлук кылгандыктан минтипмин:
«Сүйүү эч качан жек көрүүнү жеңе албас!»
Каалап калсам кондурам деп колума,
Башка жосун эч келбептир оюма.
Көз алдымда жүрүп эле бул экөө
Качан, кантип түштү сыйлоо жолуна?..

*(Башын мыкчып ойго тунат. Эми биз улам ошол ойлордон куралган окуяларды көрө баштайбыз. Көгүш жарык өзгөрүп саргыч түскө көчөт. Кызгылтым кейнөкчөн Наалдын алдынан кишенчен Зардал чыгат.)*

Н а а л:

*(Чоочуп, кетенчиктей).*

Апей!
Ким эле бул?
Унута түшкөм тура!
Туткун кул!

Зардал:

Күмүш бийкеч көкүлү узун,
Алтын бийкеч акылы узун,
Унутууга да, жек көрүүгө да,
Баарасына акылуусуң?

Наал:

Тил билет турбайсызбы?
Баягыда тим гана бөөштөнүпсүз да?!

Зардал:

Тил билгенде, мени менен
Ким сүйлөшмөк шашпай, кенен.
Эстеп көрсөң,
Ошондо мен эки сөз айткам.
Зүкө: «Эй, бизче сүйлөйсүңбү?» дегенде,
«Кожмйеблиб» дегем.
Аягыма кишен салып,
«Жыргап жүрө бер, оенум» дегенде,
«Або, мйагрыж» деп жооп узаткам.
Анын:
«Жок билбейм»
«Ооба, жыргайм» деген сөздөр эле.
Илимпоз болом деп
Индустанга чейин баргам,
Тил үйрөнүп
Түрк чегин чалгам.
Жазуу тиктеп көп талыткам көздү.
Тескерисинен сүйлөп көнгөн жайым бар
Бала кезден ар бир сөздү...

Наал:

Кызык...

З а р д а л:

Туткундун биринчи күнүндөгүлөр эсимде:
Саргылан жеңе
«Кармашса он жигитке татыр,
Кебетеси баатыр...» деди.
Сен ошондо опсуз ачууланып, минттиң бийкеч:
«Баатыр болбой бамыран калсын!
Тартар жыга сайбаса,
Бул Тартарды жыга саймак.
Анан эркегибизди кул,
Ургаачыбызды күң кылып
Жөнөмөк айдап...
Андыктан мындай немени
Орго салыш керек, байлап!»

Н а а л:

Айтсам жөнү бар, айткам,
Тим жерден айтпайм.
Азыр да ал оюмдан кайтпайм!

З а р д а л:

Чын элеби?
Башынан жолум катуу.
Бирок, мен үчүн зор бакыт,
Сенин буйругуң менен ордо жатуу!..

Н а а л:

Анда бүгүндөн баштап орго кетесиң,
Көксөгөн бактыңа жетесиң...
*(Шыпылдай басып кетет).*

З а р д а л:

Сезимимдин ак куусу,
Кыялымдын аздеги...
Мейли, ошент.

Оюндан кетпей жүрөйүн.
Туткун кулдун жүрөгүн
Суудан ал да отко сал!
Наал...,
*(Боштук кайра көгүш түскө келет.
Элестер жоголот).*

Теңирзада:

Ал экөө ушунтип жолугушкан.
Ушинтип сүйлөшкөн.
Мунун баарын мен угуп тургам.
Маани бербегем...
Чын эле, ошол күнү кечинде
Зардал жатып калды терең ордун ичинде.
Ойлогом:
Кыз жүрөгүндөгү кек,
Өтө түптүү экен деп.
Ошондон соң ойчул Наал
Дагы ойчул болду.
Көкүрөгүнө дүрбөгөн куса толду.
Абаларынын кайгысын тартты,
Тамак жегенди койду.
Мурда жүрчү кыз ажарынан шам жанып,
Эми илдетке чалдыкты саргайып.
Ошол дартынан жанбады,
Жүзүндөгү наары акырындап өчүп
Түгөнүп баратты дарманы.
Оюнум азайып баштагы,
Менин да тынчым кете баштады...
Анан бир күнү мындай окуя болду.
*(Көгүш жарык саргыч түскө көчөт. Төшөктө жаткан Наалдын жанына Муңзак келет).*

Муңзак:

Алтын кызым!
Арыктап кетипсиң го?
Такыр тамак ичкенди койду дешти.

Бизди чочутпа, чырагым.
Омогой абандан кабар алдык.
Кыймылдаба, жата бер.
Жакшы кабар.
Ден-соолугу бекем,
Аман-эсен экен.
Кошун курап куткаралы десек
Чамабыз чак.
Талкалап кирип бараар Тартарыбыз жок...
Уруунун уругун үзүп албайлы деп корком.
Омогойду айла менен куткарабыз.
Чыдап турсун деп айттырдык.
Ал оюбуз сөзсүз ишке ашат...

*(Наалдын тамырын кармап, бешенесинен сылап).*

Сен эстүү бол, чырагым.
Өзүңдү колго ал.
Саргайбагын көп.
Ооруну жең.
Ошент.
Мен эми турайын.
Тиричиликтин камын кылайын.
Кыштоого кыштык отун тарттырып жатам.
Тез айык!
Ушул тилегим, батам!
Ии, баса:
Сенин өтүнүчүң менен
Баягы Зардалды орго салган элем.
Ооруп калган экен,
Өлөөр чагында чыгарып, жылкычыларга кошуп койдум.
Аным үчүн айыптаба...
Сү! Сү! Куландай соо болуп кетегөр!

*(Боштук кайра көгүш түскө чулганат. Элестер жоголот).*

Теңирзада:

Кызыл наар каптап каны жок бетти,
Наал акырындап тыңып кетти.

Ошондон ай өтпөдү же өттү.
Кыш жакындап калганда доолу күчтүү,
Наал менен Зардал кайра жолугушту...

*(Көгүш жарык алмашып, кайра окуяга кезек келет).*

Н а а л:

*(Кайсы бир жактан келатып жолугуп калган Зардалга).*

Оорудуңузбу?
Эми жакшысызбы?

З а р д а л:

Сенин сыркоолоп калганыңды ордо уктум.
Ошондон он күн кирпик какпай чыктым.
Кийин өзүм да жатып калдым...
Жакында айыктым.
Жылкыдамын.
Таржымалым ушул.

Н а а л:

Таржымал демекчи..
Сиз кимсиз,
Айтып берсеңиз, Зардал?

З а р д а л:

Чындап эле сурап турасызбы!

Н а а л:

Чындап!

З а р д а л:

Чоң атабыз окумал-мударрис экен,
Беги менен батышпай
Тууганларын алып
Көчмөн урууларга өтүптүр,
Жуурулушуп кетиптир.
Уругубуз арап.

Өз атам мени
Кандай гана бакпады,
Илимпоздукка сактады.
Жер кыдырдым, эл көрдүм,
Эчен тилде сүйлөп көндүм.
Кылыч турса береги
Илимдин кимге кереги
Дедим дагы курамадан кол курап,
Жүргөндө күч сынап,
Ушул иш болду...
Аңчылык кылып чыкканмын тек эле.
Тартар менен кармашуу
Түнкүсүн түшүмдө, күндүзү оюмда жок эле.
Ыгы жок адамга
Пайдасы не күчтүн,
Найза калем эмес экен,
Биринчи шилтемде эле учуп түштүм.
Ошентип, бутумда кишен... нетмекмин.
Бирок, сени көрүп
Жүрөгүмө нур толду.
Наал! Кааласам жүз жолу качып кетмекмин.
Түбөлүк үмүт байлаган мени,
Кетпейм эми...

Н а а л:

Соо болуңуз.

*(Басып кетет. Зардал артынан көпкө тиктеп, анан өз жолуна түшөт. Боштук кайра көгүш түс оронот).*

Т е ң и р з а д а:

«Түбөлүк үмүт байлаган мени,
Кетпейм эми...»
Локуйган Зардалга күлдүм,
Ичимди эзбедиби ушул кеби!
Ошентип...
Кыш өттү:

Жаз келди.
Табийгат уйкусунан ойгонуп,
Кулпуруп,
Бир эле укмуш болуп аткан күндөрү
Алар дагы бет келишти.
Жок! Жок!!
Бет келишкен жок...
Мындайча болду!

*(Окуя башталат. Ойлуу келаткан Наал тээ нарыда, таште тескери карап зуңкуйуп отурган караанды көрдү. Ал Зардал болучу. Ырдап отурган Зардал эле).*

З а р д а л д ы н ы р ы:

Аша кечсем эгер жанымдан
Жер табылбай калбас кирээрге.
Туткун делсем, эгер кул делсем,
Өзүң үчүн кулмун бул элге.

Кетээр элем көчмөн калкыма,
Бирок, мында калат жүрөгүм.
Жүрөктү издеп келсем артыма,
Кайта албасмын кайра, чүрөгүм.

Жортуул таңын эми баштаган
Жоокерликке саадак тагындым.
Сени көрдүм, болдум башка адам,
Кайра ордума келбейм, алтыным.

Күндүз чыккан Күнүм сен болдуң,
Түндө чыккан Айым сен болдуң,
Ырым дагы үнүм сен болдуң.
Бүт үмүтүм, оюм сен болдуң.

Чөп да сенсиң мобул көйкөлгөн,
Көк да сенсиң мобул көгөргөн.
Ардагым сен ушул чөлкөмдөн
Аккуу болуп учкан төбөмдөн.

Караанына сансыз сабылып,
Үмүт отун жагам кечинде.
Жашайм сени эңсеп, сагынып,
Мейлиң жек көр, мейлиң кечирбе.

Күйө берет жүрөк жалындап
Сени сүйгөн ушул бактымда.
Кабагыңды мейли калыңдат,
Мейли жактыр, мейли жактырба.

Жуурулушса жаным жанына,
Кыналышса боюм боюңа.
Аралашса каным канына,
Жетээр болсом ушул оюма:

Жар салмакмын бардык жактарга:
«Касташканды такыр койгула,
Куда түшүп, тууган болгула,
Унут чырды, тойду тойго ула!»

Мактанмакмын сени көргөзүп
Мен ошондо бүтүн дүйнөгө..
Түк аргам жок такыр жер кезип
Кетүүгө эми, сени сүйбөөгө.

Туурум болоор — туткун турмушум,
Жакшылыктын жолун самайын.
Сенсиз жанбас менин жылдызым,
Сенсиз тайкы менин таалайым.

Аша кечсем эгер жанымдан
Жер табылбай калбас кирээрге.
Туткун делсем, эгер кул делсем,
Өзүң үчүн кулмун бул элге..

*(Бөштүк көгүш түскө кирип, элестер жоголот).*

Теңирзада:

Наал бул ырды бүт укту,
Көкүрөгүн солкулдатып,
Көзүнүн жашын агызып туруп укту.
Бир топко унчукпай турду.
Анан кетип калды.
Зардалга келген жок.
Алигүнчө таңмын.
Алар качан, кантип табышып алышты?
Ушуну билбей таңмын.
*(Кайберен менен Будайыкка сөөмөйүн кезеп).*
Мына бул эки эргулду ээрчитип
Кайырсыз оюндардын бирин жасап жүргөндө...
Алар табышып алышты окшойт...
*(Кайрадан башын мыкчып, терең ой кучагына кетет).*
Эми канттим?
Зардалды Наалдан кантип алыстатам?
Наалдын жүрөгүнөн жаңы сүйүүгө
орун табылаар бекен?..
Наалдын жүрөгүнө махабат үрөндөрүн
кантип өндүрөм?..

## Соңку сөз

Окуя ушуну менен бүттү. Ал эми калган персонаждардын күнү кантти, тагдырлары кантип чечилди деп кызыгып калчу окурманга муну айтам:

Мунзак туткун Зардалдын Наалды аябай катуу сүйүп калганын да, Наалдын Зардалда көңүлү болуп калганын да байкап койгон, ошон үчүн Наалга келип, алып сурап, анан Зардалдын ордон чыгарылганын айтып кетпедиби кексе неме. Демек, Мунзак ал экөөнө башынан тилектеш киши. Кийин Мунзак баягы бизге тааныш Соодагерге Зардалды кошуп Омогой туткунда жүргөн айылга жөнөтөт. Зардалдын илиминин пайдасы

ошондо бир тийип, Омогойду айла менен куткарып чыгат. Омогой Зардал менен Наалдын баш кошконун айлына келгенде гана билип, чатак салаарда Муңзак ишти оңдоп кетет. Таарыныч көкүрөгүн өрттөгөн Тартар туугандарына кеч кайрылат, башка тарапта жашап, урук улайт. Омогой болсо эмне үчүн Муңзакты Тартарга жек көрсөтүп калп сүйлөп жибергенине өзү да түшүнбөй жүрүп, акыры чыдабай Муңзакка болгон сырын төгүп, кечирим сурайт.

Тартардын кеч болсо да туугандарына кайрылгандыгынын себеби да ушул сырдын ачылып, абийирдин тазаланышына байланыштуу эле.

Теңирзада Наалды тарттырып жибергенине ызаланып, Зардалдын артынан сая түшүп, акыры аны кокустукка кабылтып мертиндирип тынат. Наал Зардалдан төрөгөн балдарын багып, өмүр бою тул өтөт. Наалдын жүрөгүнөн Зардалдын элесин өчүрүүгө алы жетпеген Теңирзада сары ооруга батып калган кезинде ата энеси асманга алдырып кетет.

Поэма ушундай нукта өнүгүшү мүмкүн. Балким, жазылып бүткөнү ушулдур...

*«Арашан». Жазуучулардын чыгармачылык үйү.*

*1982—1983*

# публицистика

## КЫРГЫЗЫМ

Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Компартиясынын түзүлгөндүгүнүн 60 жылдыгына арналды.

I

Ким айтат дүйнөдө
болот деп жаман эл?
Барктуу эл, сыйлуу эл,
салттуу эл, саман эл?
Азбы ал, көппү ал,
эл деген ыйык сөз.
А элди жаман деш
калпыс сөз, былык сөз.
Бүт дүйнө элдерин
кучакка кысам да,
Кыргызым тууралу
сөз козгойм Музамда!

Атпай журт сапарын
баштаган кыйырдан,
Алдында атына,
тоосуна сыйынган.
Канча ирет тагдыры
кылычтын мизинде
Калчалып, тапталган
туяктын изинде.
Канча ирет таалайы
найзанын учунда
Сакталып жоо сүргөн
эр Манас тушунда.

Кылымдап жоокерлик
        өмүргө маш болуп,
Көксөөсү ыр болуп,
        баяны таш болуп,
Агылган жазында
        жашыл төр—жайлоого,
Бээлерин агытып,
        кулунун байлоого.
Боз үйүн төөгө артып,
        ботосуң ээрчиткен,
Укурук карматып
        уланын телчиткен.

Көчмөндүк турмушка
        башынан туш болуп,
Жан багуу, жашоосу
        мээнеттүү, күч болуп,
Бир жактан баскынчы
        кетирип ал, үшүн,
Уругун улантуу
        оор эле ал үчүн.
А бирок, намысын
        туу кылып жашаган,
Жылоодон бек кармап
        таалайын качаган.

Сырт болгон окуудан,
        илимден, жазмадан,
Жок болуп китеби
        сырларын каттаган.
Жаттаган аларды
        көкүрөк, акылы,
Актаңдай ырчысы
        комузчу, акыны.
Өнөрү өр тарткан
        тоюнда, жыйында,

Антсе да карангы
калк жолу кыйын да!

Тоо-таштын ичинде
буюгуп бороондон
Көчү ашкан Ала-Бел,
Талдыктан, Долондон.
Келейдин кендирин
кесишкен байлары—
Мал-пулдуу, дөөлөттүү,
куралдуу, айлалуу.
Кембагал томояк
кертилип оорудан,
Бир жактан жокчулук,
ачкалык тооруган.

Калың эл мөгдөп да,
жалбарып теңирге
Турганда, эзилип
бай, ханга, эмирге,
Атты таң Батыштан—
Россия тараптан
Эмгекчил адамга
мээримин тараткан.
Ал мээрим Эркиндик,
Теңдиктин сөзү эле,
Ошол сөз жер жарган
Ильичтин сөзү эле!

II

Ким айтат дүйнөдө
болот деп жаман эл?
Барктуу эл, сыйлуу эл,
салттуу эле, саман эл?
Азбы ал, көппү ал,

эл деген ыйык сөз,
А элди жаман деш
калпыс сөз, былык сөз.
Бүт дүйнө элдерин
кучакка кысам да,
Мен эркин кыргызды
ырдаймын Музамда!

Кутулдуң, кул элең
бай, бийге, болушка,
Колуң сун эми сен
мээрман эл оруска.
Салтына, тилине
көнсөң да далайда,
Ишенгин дилине.
Ээрчитет таалайга.
Башталды сен үчүн
Азаттык жол эми,
Чарба түз, калаа кур,
сабатың жой эми!

Кыргызым, шаңкайып
ачылды асманың,
Алыстан чалкайды
ак мөңгү аскарың.
Көрүнду тоо мисал
кубатың, тулкуң да,
Эскилик торун тут,
чыңала булкун да!
Алынган бутундан
теңсиздик кишени,
Түбөлүк Ильичтик
даңгырга түш эми!

Мезгилдин буйругу!
Эркиндик жокто бул

Каржалдың Сибирде,
            канакей, Токтогул,
Ырдагын: «Залимдер,
            заманың буулду» деп,
«Кайсы аял тууду экен,
            Лениндей уулду» деп.
Калем, сен, дем бергин
            Тоголок Молдоңо,
Кагазга сыр төктүр,
            ыр болуп жорголо.

Өрчүсүн билими
            комсомол жаштардын.
Орозбек уулу, сен
            өкүмат башкаргын.
«Эркин тоо», элиңе
            куш болуп кайкып уч,
Аалынын «Октябрь...»
            дастанын айтып уч!
Сен Муса, Сен Атай,
            кымыздай чыныда
Карк кылгын кыргызды
            канаттуу ырыңа!

Эр Жаңыл илгери
            чыгыптыр аялдан,
Зууракан, жылдыздуу
            жылдарга даярдан.
Дүйшөнкул, тайманба,
            киресиң түз окко,
Чолпонбай, көкүрөк
            тососуң ДЗОТко.
Фашистти жер жутат,
            алдыда бар Жеңиш,
Оңойго турбайт-ов,
            оо, чиркин, ал Жеңиш...

Кагылгын кайтадан
салтанат кылдары.
Толтургун бөксөнү
тынчтыктын жылдары,
Айтиев, кайтадан
кистиңди ал колго,
Абдылас, талыкпа,
талаптуу сал жолго.
Билгизгин бул элге
бүт сүйүүң, ызаатың,
Кыргызга орусча
сөздүк түз Юдакин.
Осмонов, ооруба,
Темиркул, темингин,
Ырдап чык эрдигин
Советтик элиңдин.

Зоотехник табылат,
**максаттан кайтпа түк,**
«Жамила» баянын
баштагын, Айтматов!
Дүргүсүн сахнанын
бир алпы турат деп,
Лондонго жөнөгүн
Лирди ойноп Муратбек.

Сайра, сиз сайраңыз
булбулду жаңылтып,
Болот, сен үнүң соз
«Ла Скала» жаңыртып.
Чочуба Чокморов,
ойлонбо Океев,
Тартылсын тасмага
бу кейип, о кейип.
Көшөргүн, өжөрлөн
десе да тур мындай,

Тагдырың-ташыңды
таарый бер, Тургунбай!

Кыргызым, күн сүргүн,
калбастай арманың,
Атыңды даңктасын
илимкеч балдарың.
Сен, дыйкан, түшүмдү
жыл сайын ашыргын,
Жумушчу, заводго
күн сайын шашылгын.
Достуктун Мекени
Ала-Тоо аймагым,
Калпыгын тынч күндүн
ырыстуу каймагын.

Кыргызым, шул бүгүн
Кызыл Тууң колунда,
Кадамды бек ташта
Ильичтин жолунда
Кетпеген сөзүнөн,
тайбаган антынан
Таалайга жеткирет
тирегиң — партияң.
Түбөлүк дүйнөдө
адамзат коомуна
Нур болуп чачырайт
биз кураар Коммуна.

Ким айтат дүйнөдө
болот деп жаман эл?
Барктуу эл, сыйлуу эл,
салттуу эл, саман эл?
Азбы ал, көппү ал,
эл деген ыйык сөз,

А элди жаман деш
калпыс сөз, былык сөз.
Бүт дүйнө элдерин
кучакка кысам да,
Мен эркин кыргызды
даңктаймын Музамда!

*1984*

## МАЯКОВСКИЙГЕ

1

Эр көкүрөк
найзакери
Лиранын!
Дөңгөлөгүн
дөңдөн
картаң Тарыхтын
Зуулатышып,
Туусун ыргап жарыктын,
Тагдыр тутуп
пролетардын
ураанын
Ырың экөөң
туу чокуда
калыпсың!

2

Көлдү жарып
агып өткөн дайрадай
Революцияга
апкаарыбай
түз кирдиң.

Шилтеп колду
демин ырдап жүз жылдын,
Сен, Лираңды
оттуу,
эрктүү,
шамдагай
Зымырылтып
келечекке сыздырдың!

3

Петроградда
ачка жүрүп
ыр жаздың:
«Ананас жеп,
куш этинен бугжуйба,
Күнүң акыр бүтөт!» —
дедиң буржуйга.
Сен мезгилдин
нак өзүнө
сырдаштың,
Эки дүйнө
өткөөлүндө
турдуң да!

4

«Чык жекеге!
Коммунага ким каршы?»—
Дедиң жоокер,
локомотив,
трибун.
Жаңы доорго
ырдап кирдиң
«Сол маршты»,
Поэзиң

состав чиркеп
жүк тартты,
Қалем-найзаң
бузду кастын
турумун.

5

Оту болдуң
ал күндөрдүн алоолуу.
Үшүгөндөр
жылынышты табыңа.
Революциянын
кең далылуу
кароолу,
Саптарыңды
чылап
жүрөк каныңа,
Жалыныңды
бердиң кедей табыңа!

6

Магелландай
жаңы өлкөңдү
кездиң да
Ырың менен
кенендигин
тууруңун
Даңктадың сен,
Сан дайрасын кечтиң да,
Элиңдеги
сөнбөс рухту
сездиң да,
Өлбөс кылып
ырларыңа
жуурудуң!

7

Түштүң далай кармаштарга,
жалынга
Топтор менен декадентен
келаткан.
Сен — коммунист,
өттүң дайым
чабуулга,
Лениндик ой
жашап
ар бир сабыңда,
Канығыптыр
ага ар бир
клеткаң!

8

Сен кас менен
ойлоп-коргоп
чабыштың
Келечекки
акындардын кербенин.
Сен сезимге
ыр-өртүңдү тамыздың,
Төңкөрүштүн
добулбасын кагыштың,
Революциянын
тарттың
ыйык кернейин!

9

Биз төрөлүп
согуштардын соңунан
Көрдүк минтип

бейпил күндүн
сыйын бүт.
...Көз жумганда
Ильич
октон,
оорудан,
Сен майышып
ал кайгынын оорунан
Ырдап койдуң
бир замандын
ыйын бүт!

10

Акын аба, айтам десек
сөз белен
Бүгүнкүнүн
оролунан
сүйлөөгө:
«Коммунаны
сен кыйырдан
көксөгөн —
Куруудабыз
жарык,
көркөм,
бек,
кенен»—
деп биз азыр
жар салабыз дүйнөгө!

11

Дүйнө бүгүн
бөлөк болуп
өзгөргөн,
Жармы анын

кызыл түскө
оронгон.
Капиталдын
шайы оогонун
көз көргөн,
Канча журттар
азаттыкка
кез келген
Октябрдан
бак-таалайы
торолгон.

12

Бирок, бүгүн
төбөбүзгө
кармалуу
Атом деген
атың өчкөн коркунуч.
Акын аба,
эсте дүйүм алманы,
Атом бомба
«мөмө» болсо
андагы,
А түбүндө
оңойбу тынч
олтуруш?

13

Биз ушундай
кыжалаттуу,
коогалуу
Мезгилдерге
кадам койгон
кезибиз.

Өрт болтурбоо,
өнүктүрүү соодажы
Биздин багыт.
Каршы буга жоо жагы.
Күчөп барат
куралданмай,
өчүгүш.

14

Мындай кезде
акын орду каякта?
Тынчтык үчүн
кармаш жүргөн тарапта!
Тынчтык келди.
Акын орду каякта?
Чындык үчүн
жан кыйышкан тарапта!
Чындык жеңди.
Акын орду каякта?
Эркүү элдер
эмгектенген тарапта!
Эркти көрдү.
Акын орду каякта?
Акын ою
келечектен араакта,
Бүт дүйнөгө
коммунизм
таңы атса!

15

Жүрүш алыс.
Поэзия сапарда.
Убакытчы?
Ал да учкул,

бат,
ылдам.
Баратабыз
коммунисттик катарда,
Ырдап күндү
кызыктуу да,
татаал да
Биз от алып
сенин жаккан
отуңдан!

*Март, 1983*

## АЛИ ДАГЫ КЕЧ ЭМЕС

*(Стокгольмда 1982-жылдын Нобель сыйлыгын алып жатып Колумбиялык жазуучу Габриель Гарсиа Маркес сүйлөйт.)*

I

Пигафетта деген эр —
Магеллландын тобунан,
Биздин жерден көргөнүн
минтип жазып калтырган:
«Чочколордун киндиги
Өсүп турат жонунан,
Куштун тумшук, тырмагы
Мында жалаң алтындан.»
Анан дагы көк менен
сызган чакта кыялы
Айбанатка мына бул
кезиккен го (?) сыягы:
«Качырдыкы тумшугу,
Коендуку кулагы,
Өркөчтөрү төөнүкү,

Бугунуку туягы!»
Саякатчы-жазмачы
сүрөттөөдөн кысынбай
Америка Түштүгүн
баян кылган үшүндай!

II

Эльдорадо — алтындын
табышмактуу өрөөнү,
Кылым сайын сени издеп
канча адамдар жөнөдү;
Дилделериң табам деп
кимдер сени казбады,
Кыртышыңды жазданды
канчасынын баштары.
Сегиз жылы иликтеп
мүрөк суусун де Вака
Мексиканын кутунда
капталганда кабака:
Күчтүүсүнө алсызы
жем болушуп талаңган,
Алты жүздөн беш адам
артка кайткан араңдан.

III

Алган менен тизгинди
испандардын колунан,
Кете албадык кутулуп
дөдөйлүктүн жолунан:
Эквадордун монархын
көрүстөнгө коердо,
Генералдык сый-ченин
тагып туруп оенго

Президенттик ордуна
олтургузуп,
келбеген
адамдарды келтирип,
коштоштурган эл менен.
Мексикалык диктатор —
Антонио Санта-Ана
Оң аягын кестирип
дайын болгон канчага;
Азалаткан бүт элди
ошол бутун көмгөнгө,
Мындай урмат бир жанга
жасалбаган өлгөндө!
Сальводордук мыкаачы
Максимилиано Мартинес
Отуз миңин кырдырып
кан жуткурган калкын өз:—
Көчөдөгү шамдарды
кызыл менен ороткон,
Кепер дартын ал шумпай
так ушинтип «жоготкон»!
Маршал Нейдин айкели
болуп чыкты карасаң —
Деп коюлган эстелик —
Франсиско Морасан.

IV

Кайгы-шорго ширелип
калган менин жеримде
Берди өмүрүн канча адам
караңгыны жеңүүгө:
Күрөш менен күнү өткөн
улуу акын Неруда
Швецияга келип ал
он бир жылы арыда,

Сөз сүйлөгөн бул залда
алып жатып сыйылыгын,
Эми өзү жок, Мекенин
коштойт зордук, ый бүгүн.
Он бир жылдан бери да
биз мүнөткө тынбадык,
Каңырсыды материк
кайгы-шорго чулганып.
Адамдарга от берген
Президент Альенде
Эл бактысын талашып
азаттык деп ал өлдү.
Бөлөк өкмөт башчысын
калк укугун талашкан,
Жардырышты кезинде
самолетто бараткан.
Он жети ирет жасалды
мамлекеттик төңкөрүш,
Он бир жылдын ичинде
болуп өттү беш согуш.
Диктатору Чилинин
бардык бийлик бекиген,
Кырып келет өз элин
чөптөй мойсоп четинен.
Күчөп жатса бир жактан
атмай-асмай кайырсыз,
Жүз жыйырма миң адам
жоготулду дайынсыз.
Качкындары Сальвадор,
Уругвайдын, Чилинин
Айтып турат, канкорлор
элге салган бүлүгүн.
Мунун баарын көтөрдү
Америка Туштугу,
Мунун баары бүгүндүн
бизге түшкөн мүшкүлү.

Капшабынан тагдырдын
себеп менен ар кандай
Араң чыгып канча ирет
өлбөй тирүү калгандай;
Колумбиям сан жылдар
көздөн учкан мен үчүн,
Таңгалыштуу эмес го
бул сыйлыктын келиши.

V

Биз тууралуу Европа
билем дебей баарысын,
Парыз эстеп көргөнү
миң жылдык өз тарыхын.
Орто кылым жаңжалын,
Рим, Лондондун өткөнүн,
Бийигине бүгүнкү
кантип жүрүп жеткенин.
Тилектештик жакшы го
жабыр тарткан эл менен,
Бирок, жалаң курук сөз
эч бир пайда бербеген.
Ар бир элдин орду бар
тийген күндүн астында,
Айланбоого тийиш ал
тилемчиге, качкынга.
Калк тагдыры шахматтын
ташы мисал сезилбей,
Эркин жашаш керек ал
кордолбой да эзилбей.
Арылбоосун билебиз
оңой менен шорубуз,
Токсон тогуз тоскоолдон
өтөөрлүгүн жолубуз.

Жашоо — башкы жообубуз
кандай тагдыр турса да,
Таласа да, эзсе да,
коркутса да, кырса да!
Суу ташкын да, ич келте,
ачтык тумоо, таш оору
Жок, тосо албайт өмүрдү,
токтото албайт жашоону!
Адамзатка жыл сайын
ал-күч кошкон таризде
Жетимиш төрт миллион
ашык туулат наристе.
А кыйраткыч куралдар
тирүүлүктү жердеги
Күчү жетет жүз мерте
күм жам кылып бергени.
Жексен кылуу дүйнөнү
оңой болуп калганда,
Биз — калемдин ээлери,
каршы туруп жалганга;
Адам көчү үзүлбөйт
деген ойго алданбай,
Керек көптөп тосуубуз
кырсык жолун ар кандай.
Укуктуубуз андыктан
чындыкты элге айтууга:
Али дагы кеч эмес
акыл-эске кайтууга!
Адам күнүн кыйроодон
бөлөк нукка буруута,
Убакыттан көөнөргүс
Жер тагдырын курууга!

*Январь, 1983*

## МАЗМУНУ

### ЫРЛАР


ТИЛЕК . . . 3
БИРДЕН САНГА . . . 3
ШААРГА ЖАНТАРТУУ ЫРЫ . . . 5
КЫРГЫЗ РУХУ . . . 7
АКЫЛ САЛУУ . . . 8
ЖАҢЫ КҮН . . . 8
МАЙ . . . 9
ТЫТ ДАРАГЫ . . . 10
БАБА ШААРЫМ . . . 10
БАРПЫ АКЫН ЖАЛАЛ-АБАД ВОКЗАЛЫНДА . . . 11
ПАЛЕСТИНА АРАБЫ . . . 13
ТЕКЕ МАҢДАЙ БИР СОБОЛ . . . 15
ДАРЫГЕР . . . 15
ЖАЗДА . . . 16
КЕРЕК . . . 17
АВГУСТТАГЫ ЫСЫК-КӨЛ . . . 17
АКЫН МЕНЕН УБАКЫТ . . . 19
«АТА-ЖУРТ, МИҢ ЖЫЛДАН СОҢ КӨРСӨМ СЕНИ» . . . 21
ӨЛҮМГӨ КОЛ ЧАБУУ . . . 21
ТАЛАНТ . . . 22
МУГАЛИМ . . . 24
ЖАПКЫ ЖАМГЫР . . . 25
ПАРЫЗ . . . 26
КУМАР ЫРЫ . . . 27
МЫСКАЛ . . . 28
САЛИМА . . . 29
«АКСАКАЛДАР, СИЛЕР ЫРЫМДЫН» . . . 30
ЛЕЙЛЕКТЕГИ ЭКИ ТОО . . . 31
«СҮЙДҮМ СӨЗДҮ БИЛЕКТҮҮ» . . . 32
С. ЭРАЛИЕВДИН 60 ЖЫЛДЫК ТОЮНДАГЫ ЫР . . . 32
ЧАЛ ЖАНА ГҮЛ . . . 33
«ЖҮРӨКТҮ ИЖАРАГА БЕРИП БОЛБОЙТ» . . . 33
АЛТЫН ЭЛ . . . 34
АКЫМ ЖАЙЫТ . . . 34
ЭНЕНИ ЭСКЕРҮҮ . . . 35
ЖАШ КУРБУГА . . . 36
АВГУСТ . . . 37
«ЧАЛКЫГАН АЙ ЧАЛКАСЫНАН» . . . 38
АРМЕНИЯ КАПРЫКТАРЫ . . . 38

СУКТАНУУ . . . 39
АКЫНГА . . . 40
ПЕССИМИСТТИН ЫРЫ . . . 41
БАЙЫРКЫ КҮҮ . . . 41
СҮЙҮҮ . . . 42
КЛАССТАШ КЫЗ . . . 43
ЖАҢЫ ЖОМОК . . . 43
СУУБАС ДЕМ ТУУРАЛУУ ЫР . . . 44
ӨПКАШТЫ АЛЫП ЧЫКТЫМ ЫР БАШЫНА . . . 45
ҮЧӨӨ . . . 46
ОРУС КЫШЫНАН ФРАГМЕНТ . . . 46
«ӨТТҮ ЧИЛДЕ БУШАЙМАНЫ» . . . 47
ТӨЛӨМҮШ МЕНЕН АМАНАТ . . . 47
КЫЗЫК, ТҮНДҮ КӨРБӨГӨНҮМ . . . 48
«АР БИР КҮНДҮН ЖЫЛУУСУН» . . . 48
«ЧАЧЫҢЫЗДАН МЕН БИЛДИМ» . . . 48
«КИМ ЭЛЕМ ТӨРӨЛГӨНҮ, ЖҮРГӨМ КАЙДА?» . . . 48
ЭСТЕЛИГИҢ — ЫРЛАРЫҢ . . . 48
ӨТКӨН БАЯН . . . 49
«АЙ — АСМАНДЫН ОРОГУ» . . . 50
КҮЗ ЫРЫ . . . 51
ИШТЕМЕКМИН БИР ӨМҮР . . . 51
КӨП СЫЙДЫН КЕРЕГИ НЕ . . . 52
КЫЗЫЛ КУЛАККА ЫР . . . 52
«ДУШМАНДЫН ДУШМАНДЫГЫ САГА ДАЙЫН» . . . 52
АКРОЫР . . . 52
ПЕДАНТТЫН СҮЙҮҮСҮ . . . 53
СЕНИН БИЙЛИГИҢ . . . 54
КУСАЛЫК . . . 55
МАХАБАТ ДАБАСЫ . . . 56
«ЖЫЛДАР ӨТСӨ МАХАБАТ ЭСКИРЕБИ» . . . 57
«СҮЙҮҮГӨ КАЙФ КЫЛГАН АЛТЫН КЕЧЕ» . . . 58
«ЖОК, СҮЙЛӨӨГӨ КУДУРЕТИМ ЖЕТПЕЙТ...» . . . 58
РОЗАГА . . . 59
КӨҢҮЛ . . . 60
СЕНИН СҮЙҮҮҢ . . . 61

## РОМАНСТАР

МИҢ ТАМЫРЛУУ ТИРҮҮЛҮК /ЦИКЛ/ . . . 62
МАХАБАТ ТУУРАЛУУ БИР КЕЧТЕ ЖАЗЫЛГАН ТӨРТ РОМАНС . . . 67

## СОНЕТТЕР

ТҮРМӨК СОНЕТ . . . 70

## ПОЭМА

НААЛ МАХАБАТЫ /ДРАМАЛУУ ПОЭМА-МИСТЕРИЯ/ . . . 83

## ПУБЛИЦИСТИКА

КЫРГЫЗЫМ . . . 123
МАЯКОВСКИЙГЕ . . . 130
АЛИ ДАГЫ КЕЧ ЭМЕС . . . 137

*Жолон Мамытов*

БЕГУЩИЕ РУЧЬИ

Стихи, романсы, сонеты, поэма-мистерия, публицистика

*(на киргизском языке)*

Издательство «Кыргызстан»

Рецензиялаган *О. Султанов.*
Көркөмдөгөн *Ч. Абдраимов.*
Редактору *О. Сулайманов.*
Сүрөтчү ред. *К. Сейталиев.*
Тех. редактору *Р. Ревенко.*
Корректору *П. Самиева.*

ИБ № 3215

Терүүгө 8. 08. 84. берилди. Басууга 10. 4. 1985 кол коюлду. Д—02177. Басмаканалык № 1 кагаз. Адабий ариб, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 70×90¹/₃₂. 4,5 физ. басма табак. 5,26 шарттуу басма табак, 5,842 учеттук табак. 5,333 боёк түшүрүү. Тиражы 2000. Заказ № 252. Баасы 60 т.

Элдердин Достугу ордендүү «Кыргызстан» басмасы.
710737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

60 т.